ЕККУ Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары Бюросу

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

## ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛОО
**30-октябрь 2011-ж.**

**ЕККУ/ДИАУБ Шайлоолорду байкоо миссиясы**
**Жыйынтыктоочу Отчет**

**Варшава**
**10-январь 2012-ж.**

# МАЗМУНУ

**I. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ** ... **1**

**II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫКТАР** ... **4**

**III. ТАРЖЫМАЛ** ... **4**

**IV. ШАЙЛОО СИСТЕМИ ЖАНА МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИ** ... **5**

**V. ШАЙЛООНУ БАШКАРУУ** ... **6**

**VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО** ... **8**

**VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО** ... **10**

**VIII. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ** ... **11**

**IX. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЖАНА ӨНӨКТҮКТҮ КАРЖЫЛОО** ... **12**

**X. МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ** ... **13**

- A. Массалык маалымдоо жагдайы ... 13
- B. Мыйзамдык негиз ... 13
- C. Маалымат каражаттарына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары ... 15

**XI. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ** ... **16**

**XII. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР** ... **17**

**XIII. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР** ... **18**

**XIV. ШАЙЛОО КҮНҮ** ... **19**

- A. Добуш берүү жол-жоболору ... 19
- B. Добуштарды саноо ... 20
- C. Маалыматтарды таблицаларга түшүрүү ... 21

**XV. ШАЙЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЖАРЫЯЛОО ЖАНА ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ ОКУЯЛАР** ... **21**

- A. Жыйынтыктарды жарыялоо ... 21
- B. Шайлоодон кийинки окуялар ... 22
- C. Шайлоодон кийинки даттануулар ... 23

**XVI. СУНУШТАМАЛАР** ... **24**

- A. Артыкчылыктуу Сунуштамалар ... 24
- B. Башка сунуштамалар ... 25

**I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН АКЫРКЫ РАСМИЙ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ** ... **29**

**II ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН УШК ПРОТОКОЛДОРУНДА КАМТЫЛГАН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЖАНА БШК ШАЙЛООДОН КИЙИН ЖАРЫЯЛАГАН МААЛЫМАТТАРДЫ САЛЫШТЫРУУ.** ... **30**

**ЕККУ/ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ** ... **32**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ПРЕЗИДЕНТТИК ШАЙЛОО**
**30-октябрь 2011-ж.**

# ЕККУ/ДИАУБ Шайлоолорду байкоо миссиясынын жыйынтыктоочу отчету[1]

## I. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин чакыруусун алгандан кийин ЕККУ Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары Бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) 2011-жылдын 16-сентябрында Шайлоолорду байкоо миссиясын (ШБМ) жиберген. ЕККУ/ДИАУБ Кыргызстандагы шайлоо жараянына ЕККУ милдеттенмелерине жана демократиялык шайлоолордун башка эл аралык стандарттарына, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы мыйзамдарга далкелүү жагынан баа берди. Шайлоо өткөрүлгөн күнү ЕККУ/ДИАУБ ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынан (ЕККУ ПА), Европа Парламентинен (ЕП) жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынан (ЕКПА) келген байкоочулар делегациялары менен биргелешип аракет жүргүздү.

30-октябрдагы Президенттик шайлоо тынч маанайда өткөрүлгөнү менен, кетирилген кемчиликтер өлкөнүн демократия тажрыйбасы эл аралык милдеттенмелерге шайкеш келиш үчүн шайлоо жараяны дагы да өркүндөтүлүүгө тийиш экенин айкын кылды. Талапкерлерди каттоо эч басмырлоосуз өтүп, бул шайлоочуларга кеңири тандоо мүмкүнчүлүгүн берип, шайлоо өнөктүгүндө ачыктык жана негизги эркиндиктерди урматтоо өкүм сүрдү. Бирок мунун баары калтырган оң таасирди шайлоо күнүндөгү олуттуу бузуулар караңгылатып салды, өзгөчө добуштарды эсептөө жана таблицага түшүрүү учурунда.

Шайлоо жаңы мыйзамдык негизде өткөрүлдү. Мыйзам иштелип жатканда, анда мурдагы ЕККУ/ДИАУБ Шайлоолорго байкоо жүргүзүү миссияларынын көп сунуштамалары эске алынган. Ошентсе да, шайлоонун мыйзамдык негизи дагеле ЕККУнун белгилүү талаптарына жооп бербейт.

Борбордук Шайлоо Комиссиясы (БШК), мыйзамдык негизде каралган мөөнөттөрдү эске алуу менен, шайлоого техникалык даярдык көрүүнү тийиштүү түрдө өткөрдү. Бирок ага өз эрежелерин бекитүүдө жана жарыялоодо ачыктык менен натыйжалуулук жетишпеди. Чечим чыгаруу отурумдары коомчулук үчүн ачык болгону менен, мыйзамга каршы, БШК такай жабык эшик артында ички жумушчу отурумдарды да өткөрүп жатты. Ошол отурумдардын протоколдорун жарыялоо ачыктык менен отчеттуулукту арттырмак, бирок БШК андай кылган жок. Ошондой эле БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларын тийиштүү түрдө маалымат менен камсыз кылбай, ошону менен эл аралык байкоо жүргүзүү аракеттерин чектеди.

Президенттикке 86 талапкер сунушталып, БШК мыйзамда белгиленген кыска мөөнөттөрдү сактоо менен каттоо документтерин убагында карап чыгуу жагынан олуттуу кыйынчылыктарга учурады. Сот тарабынан БШК каттоо жүргүзүү жол-жоболорун так аткарбагандыгы аныкталып, БШКнын катталууга уруксат бербөө чечимдеринин тогузу жокко чыгарылган. Жогорудагы кайрылуунун тогузу боюнча тең БШКнын топтолгон

[1] Ушул отчеттун англисче нускасы гана расмий документ болуп эсептелет. Аны менен катар расмий эмес кыргызча жана орусча котормолору бар.

колдорду кайрадан текшерүүсү мурдагысынан башкача натыйжа берди. Ошондон улам жараян канчалык ак ниеттүүлүк жүргүзүлгөнүнө байланыштуу суроо туулду.

Шайлоочуларды каттоо бирдиктүү системин жаратуу жөнүндөгү чечим алдыга карай кадам жасалгандыктын белгиси болду. Ошентсе да, шайлоочулар тизмелеринин жалпы сапаты менен тактыгы дагеле тынчсызданууга себеп болуп келет. Каттоо жол-жоболорундагы ыраатсыздык жана шайлоочуларды каттоо системин колдонуунун ачык жана расмий эрежелеринин жоктугу ЕККУ/ДИАУБ ШБМ тарабынан орчундуу кемчилик катары белгиленди. Ошонун натыйжасында шайлоо күнү бир катар шайлоочулар өздөрүнүн шайлоо укуктарынан ажырап калган болушу мүмкүн.

Оң жагын карасак, шайлоочуларды тизмеге шайлоо күнү кошуу боюнча мурдагы мүмкүнчүлүк мыйзамга киргизилген жаңы түзөтүүлөр аркылуу жоюлган. Ошого кошумча, шайлоочулар, өздөрүнүн кайсы жерде тургун катары катталгандыгына карабай, жашап жаткан жеринен добуш бере алышты. Мындай өзгөртүүлөр жер которгон (мигрант) шайлоочулардын мурдагыдан кеңири катышуусуна мүмкүндүк берди. Кантсе да, шайлоочуларды каттоодогу көйгөйлөрдөн улам бул шарттын бузулушуна жол берилбестигин кепилдеген тийиштүү чаралар жок болду. БШК тарабынан шайлоочуларга билим берүү боюнча жигердүү өнөктүк өткөрүлгөнү менен, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ көптөгөн шайлоочулар катталуу жол-жоболоруна жакында кандай өзгөртүүлөр киргизилгендиги жөнүндө билишпегендигин байкады.

Ички чыңалуулар бар болгонуна карабай, шайлоо өнөктүгү жалпысынан тынч жагдайда өттү. Шайлоодогу атаандаштар өздөрүнүн өнөктүк иш-аракеттерин эч жолтоосуз өткөрө алышты. Дагы бир оң өзгөрүү катары өнөктүктүн башынан аягына чейин чогулуу жана өз оюн билдирүү эркиндиги өлкөнүн бардык жерлеринде урматталгандыгын белгилесе болот. Басым көрсөтүү жана коркутуп-үркүтүү түрүндө административдик ресурс кыянат колдонулгандыгы туурасында сөздөр шайлоо алдындагы мезгилде айтылып, бул кайсы бир деңгээлде шайлоо жараянынын белгилүү катышуучуларына болгон ишенычти төмөндөттү.

БШКнын көзөмөлдөө-текшерүү тобу биргелешип өнөктүк каржыларына байланыштуу мыйзамдык негизди күчөтүүгө аракет жумшап, муну калыстык маанайында жасады. Мыйзам талаптарына ылайык, өнөктүк каржыларынын кыскача жыйынтыктары апта сайын БШКнын вебсайтына жарыяланып турса да, өнөктүк киреше-чыгашалары жөнүндөгү кеңири маалыматтар, эл аралык деңгээлде колдонулуп жүргөндөй, коомчулуктун кароосуна коюлган жок.

Жалпы жонунан алганда, шайлоого байланыштуу ар түрдүү маалыматтар шайлоочуларга массалык маалымдоо каражаттары аркылуу жеткиликтүү болуп жатты. Ошентсе да, баарын көз карандысыз редактордук өңүттөн чагылдыруунун жетишпегендиги шайлоочуларга билип туруп чечим чыгаруу үчүн берилген маалыматтардын сапатын төмөндөттү. Тилекке каршы, каналдардын көбү талапкерлерди өнөктүктүн берилген бекер жана төлөнмө программалырынан сырткары чагылдыруудан оолакташып, талдоо жүргүзүүгө анча кызыгышкан жок. Бул мыйзамдын анча айкын болбогон жоболорун чечмелөөдө этият болуу аракетинен келип чыкты. Мамлекет каржылаган маалымат каражаттары бардык атаандаштарга бекер обо убактысын берүү жагынан өз милдетин жалпысынан аткарышты. Саясий кайымайтыштар талапкерлерди өз көз караштарын жана платформаларын шайлоочуларга жеткирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ кылды. Кантсе да, белгилүү бир талапкерлерге уюштуруучулар тарабынан артыкчылыктуу мамиле жасалды.

Мыйзамдын маалымат жеткиликтүүлүгүн чектеген жаңы жоболорунун негизинде бир катар эл аралык каналдар ободон алынып салынды.

БШК талаштары боюнча сот чечимдерине ачыктык жетишпеди. Шайлоого байланыштуу даттануулар менен эң алды партиялар жана президенттикке талапкерлер кайрылышты. Катталган даттануулардын аздыгы жана шайлоочулардан түшкөн даттануулардын жоктугу, ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын ар түрдүү маектештери кабарлагандай, коомчулукта даттанууларды караган сот органдарына болгон ишенимдин жоктугун айгинелеп турат. Бир жагынан, жаңы, иш жүзүндө текшериле элек мыйзамдын колдонулушу, экинчи жагынан, Конституциялык палатанын жоктугу жарандарды негизги жоболордун Конституцияга канчалык туура келгендигин аныктоо жана өз укугун сот аркылуу коргоо мүмкүнчүлүгүнөн куру калтырды.

Биримдикти көздөгөн, талапка шайкеш саясаттын жоктугу жана улуттук азчылыктар жашаган аймактардагы жагдайдын коопсуздугу өтө жай жакшырып келатканы ошол жамааттарда жалпы кооптонуу жана бөлүнүү сезимин пайда кылды. Ошондон улам улуттук азчылыктардын шайлоо өнөктүгүнүн иш-чараларына катышуусу бир топ чектелүү болду. Шайлоо материалдары кыргыз жана орус тилдеринде гана чыгарылып, бул азчылыктардын тилдериндеги маалыматтын көлөмүн кыйла азайтып, ЕККУ саясатына каршы келди.

Шайлоо күнү зордук-зомбулуксуз, тынч жагдайда өтүп, добуш берүү жараянына жалпысынан оң баа берилди. Ошентсе да, байкоочулар бир катар олуттуу бузуулар, маселен, бюллетендер салынчу урналарга жасалма бюллетендерди кошуп салуу, бир нече жолу же туугандарынын ордуна добуш берүү жана добуштарды сатып алуу сыяктуу учурлар жөнүндө кабарлашты. Шайлоочулардын бир тобу өздөрүн шайлоочулар тизмелеринен таба алышпай, бул шайлоо күнү өзүнчө бир көйгөйгө айланды. Добуштарды саноого жана таблицага түшүрүүгө жеткенде, жагдай андан бетер начарлап, көп сандагы шайлоо участкаларына байкоочулар тарабынан терс баа берилди. Көп учурда байкоочуларга добуш саноо менен таблица түзүүнү байкоого уруксат берилген жок. Байкоонун белгиленген терс натыйжалары жана айрым шайлоо участкаларында келгендердин өтө эле көп саны көрсөтүлгөндүгү бул сыяктуу демократиялык жарышта талап кылынган ачыктык менен чынчылдыктын деңгээли канчалык сакталгандыгынан аздыр-көптүр күмөн санатып, тынчсыздануулары жаратты.

Шайлоо күнү добуш берүүчүлөр шайлоо комиссиясынын жообун талап кыла турган расмий даттануу формаларын толтургандан көрө, бузуулар жөнүндө нааразычылыктарын талапкерлердин өкүлдөрүнө же жергиликтүү байкоочуларга айтууну оң көрүштү. БШКга шайлоо күнү жана андан соң түшкөн 127 даттанууларды текшерүү шайлоого чейинкиге караганда ачыгыраак болду. Ошентсе да, алардын көбү же жаратылган жок, же көрсөтүлгөн фактыларды кунт коюп текшерүүсүз башка органдардын кароосуна өткөрүлүп берилди.

Оң өзгөрүү катары БШКнын шайлоонун участкалар боюнча бөлүнгөн баштапкы жыйынтыктарын шайлоодон кийинки түнү өз вебсайтына жарыялаганын белгилесе болот. 12-ноябрда БШК шайлоонун акыркы жыйынтыгын жарыя кылды: А.Атамбаев добуштардын 62,52 пайызын алып, жаңы шайланган Президент жарыяланды. Шайлоочулардын келиши 61,28 пайыз болду деп кабарланды. БШКнын бардык 12 мүчөсү тең протоколго кол коюшуп, БШКнын 4 мүчөсү ошого өздөрүнүн өзгөчө пикирин кошушту. Алар көтөрүп чыккан негизги көйгөй айрым участкалык шайлоо комиссиялары

түзгөн протоколдордогу жыйынтыктар менен БШК жарыялаган жыйынтыктар бири-бирине туура келбеген учурлардагы айырмачылыктардын БШК тарабынан изилдөөгө алынбагандыгы болду. Жаңы шайланган Президенттин такты аземи (инагурация) декабрдын 1инде болуп өттү.

## II. КИРИШҮҮ ЖАНА ЫРААЗЫЧЫЛЫКТАР

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин чакыруусун алган соң, ЕККУ Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары Бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) 2011-жылдын 16-сентябрында Шайлоолорду байкоо миссиясын (ШБМ) жиберген. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ Кориен Йонкер тарабынан жетектелип, Бишкекте жайгашкан негизги топту түзгөн 14 мүчөдөн жана бардык аймактарга жөнөтүлгөн 28 узак мөөнөттүү байкоочудан турду. Шайлоо өткөрүлгөн күнү ЕККУ/ДИАУБ ЕККУ Парламенттик Ассамблеясынан (ЕККУ ПА), Европа Парламентинен (ЕП) жана Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынан (ЕКПА) келген байкоочулар делегациялары менен биргелешип аракет жүргүздү. ЕККУ ПА делегациясынын башчысы Валбурга Хабсбург Дуглас ЕККУнун учурдагы төрагасы тарабынан Атайын Координатор катары кыска мөөнөттүү байкоочулар миссиясын жетектөөгө дайындалган. ЕП делегациясын Инесе Вайдере, ал эми ПАКЕ делегациясын Нурсуна Мемекан жетектешти.

Шайлоо күнү ЕККУга катышкан 40 мамлекеттен келген 385 байкоочу өлкөнүн жер-жерлерине жиберилди. Алар 2.289 шайлоо участкаларынын 870ке жакынына барышып, 58 аймактык шайлоо комиссиясынын (АШК) ичинен 49унун ишине байкоо жүргүзүштү. Шайлоо жараянына ЕККУ милдеттенмелерине жана демократиялык шайлоолордун башка эл аралык стандарттарына, ошондой эле жергиликтүү мыйзамдарга далкелүү жагынан баа берилди. Жыйынтыктоочу отчет 2011-жылдын 31-октябрында пресс конференцияда сунуш кылынган Алдын ала алынган маалыматтар жана корутундулар баяндамасын улап кетет.[2]

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ Кыргыз Республикасынын бийликтерине шайлоого байкоо жүргүзүүгө чакырганы үчүн, Тышкы иштер министрлигине, Борбордук шайлоо комиссиясына (БШК), ошондой эле саясий партиялардын, массалык маалымат каражаттарынын, жарандык коомдун өкүлдөрү менен Кыргыз Республикасындагы башка маектештерине кызматташканы үчүн алкышын айтмакчы. Ошондой эле ЕККУ/ДИАУБ Бишкектеги ЕККУ Борборуна, ЕККУга катышкан мамлекеттердин дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө жана Кыргыз Республикасындагы эл аралык уюмдарга байкоо миссиясынын жүрүшүндөгү колдоосу жана кызматташуусу үчүн ыраазычылык билдирет.

## III. ТАРЖЫМАЛ

2010-жылдын 27-июнундагы референдум аркылуу жаңы Конституциянын кабыл алынуусун улаган 2011-жылкы президенттик шайлоо 2010-жылдын окуяларынан башталган жана президент Бакиевдин бийликтен четтетилишине алып келген өткөөл мезгилдин аягына чыкканын билдирди.

---

2 Ошондой эле ЕККУ/ДИАУБ ШБМ эки аралык отчетту жарыкка чыгарган. ЕККУ/ДИАУБдун мурдагы отчетторун төмөнкүдөй даректен караңыз: http://www.osce.org/odihr/elections/kyrgyzstan.

30-июнда парламент президенттик шайлоонун мөөнөтүн 2011-жылдын 30-октябрына белгилеген. 2010-жылдын июнь айындагы конституциялык референдумдун натыйжасында Роза Отунбаева 2011-жылдын аягына чейинки чектелген мөөнөткө президенттик кызматка дайындалып, боло турган шайлоого талапкер катары катышкан жок.[3]

2010-жылдын 10-октябрында болуп өткөн парламенттик шайлоонун натыйжасында Жогорку Кеңеште беш саясий партиянын өкүлдөрү бар. Үч партиядан: Ата-Журт (28 орун), Кыргызстан Социал-демократиялык партиясы (26 орун) жана Республика (23 орун) башкаруучу коалиция түзүлүп, эки партия: Ар-Намыс (25 орун) менен Ата-Мекен (18 орун) оппозицияда калышкан.[4]

2010-жылкы конституциялык референдум менен 2010-жылы 10-октябрдагы парламенттик шайлоонун айкын кемчиликтери болгондугуна карабастан, ЕККУ/ДИАУБ аларга этияттык менен оптимисттик баа берген.

## IV. ШАЙЛОО СИСТЕМИ ЖАНА МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИ

Шайлоо мыйзамынын кеңири реформасынан келип чыккан жаңы мыйзамдык негиз өз ичине 2010-жылкы Конституцияны, Президенттик жана Парламенттик шайлоо боюнча жаңы кабыл алынган Конституциялык мыйзамды (мындан ары – шайлоо мыйзамы) жана Шайлоолор менен референдумдарды өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзамды (мындан ары – шайлоо комиссиялары боюнча мыйзам), БШК нускамалары менен чечимдерин жана аларга байланыштуу маалымат каражаттарынын, бейөкмөт уюмдардын жана саясий партиялардын иш-аракеттерин жөнгө салган мыйзам ченемдерин камтыйт. Бул жаңы мыйзам чектеринде өткөрүлгөн биринчи президенттик шайлоо болду.

2010-жылдын Конституциясы Парламентке өкмөттүн түзүлүшү менен курамын, ошондой эле согуштук маселелерди чечүү бийлиги берилген, ал эми президентте мыйзамга вето салуу жана коргоо жана коопсуздук органдарынын жетекчилерин дайындоо сыяктуу айрым маанилүү укуктар калган жарым-парламенттик системди киргизди.

Президент түздөн-түз жана жашыруун добуш берүү аркылуу 6 жылдык мөөнөткө бир гана жолу шайланат. Шайлоого катышуу үчүн потенциалдуу талапкер төмөнкүдөй талаптарга жооп берүүгө тийиш: башка эч жарандыгы жок, Кыргыз Республикасынын гана жараны болгон; өлкөдө бардыгы болуп 15 жылдан кем эмес убакыт жашаган; 35тен 70 жашка чейинки куракта болгон; кыргыз тилин мыкты билген; мурда соттолбогон же сот тарабынан укукка жөндөмсүз деп табылбаган. Шайланыш үчүн жеңип чыккан талапкер берилген добуштардын жарымынан көбүнө ээ болушу керек. Эгерде бир да талапкер жеңбесе, анда баарынан көп добуш алган талапкерлер шайлоонун экинчи айланымына (раунд) катышып, экинчи айланым шайлоонун жыйынтыктары расмий аныкталган күндөн эки жума өткөн мезгилден эрте эмес өткөрүлөт.[5]

---

[3] Өкмөттүн 2010-жылдын 19-майындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын өз күчүнө кирүүсүн бекиткен 39-декрети Р.Отунбаеваны 2011-жылдын 31-декабрына чейинки өткөөл мезгилдин Президенти катары белгилеген.

[4] 2011-жылдык Президенттик шайлоонун жыйынтыктары жарыяланары менен коалиция жаңыдан аныкталды.

[5] Мыйзамда экинчи айланымды өткөрүүнүн максималдык мөөнөтү белгиленген эмес.

Мыйзам кылмыш кылган деп айыпталган адамдарды шайлоо жана шайлануу укугунан ажыратат. Ал, ошондой эле, камакта отургандардын шайлоо укугун да жокко чыгарат. Эки учурда тең, эл аралык милдеттенмелерге каршы, кылмыштын оордук деңгээли эске алынбайт. Андан тышкары, 70 жаштан ашкан адамдар да президенттик жарышка катышууга укугу жок деп эсептелинет. Бул жобо ЕККУнун басмырлабоо боюнча милдеттенмелерине байланыштуу суроолордуу туудурат.[6]

Жаңы шайлоо мыйзамы даярдалып жатканда мурдагы ЕККУ/ДИАУБ шайлоолорду байкоо миссияларынын көп сунуштамалары кабыл алынган.[7] Бирок өз оюн билдирүү эркиндиги жана өнөктүк каржыларынын ачыктыгы чөйрөлөрүндө, ошондой эле талапкерлердин укуктарын чектөө жана талапкерлердин катталышын көптөгөн кеңири себептерден улам жокко чыгаруу мүмкүнчүлүгүн киргизүү аркылуу, анын ичинде шайлоодон кийин, шайлоонун мыйзамдык негизи дагы деле ЕККУнун бардык милдеттенмелерине толук туура келбейт.[8]

2010-жылдын 7-апрелинен кийинки президенттик жарлык боюнча Конституциялык Сот таркатылган. 2011-жылы 13-июнда кабыл алынган мыйзамда Жогорку Соттун курамдык бөлүгү катары каралган жаңы Конституциялык палата алигиче түзүлө элек.[9] Жогорку Сот төмөнкү деңгээлдеги соттордун чечимдери жөнүндөгү даттанууларды кароону улантканы менен, Конституциялык палатанын жоктугу ушул шайлоо мезгилинде кызыктар тараптарда мыйзамдын жана БШК чечимдеринин Конституцияга канчалык шайкеш келгендиги тууралуу талашуу мүмкүндүгү жок болгондугун билдирет. Үч талапкер тил сынагына тийиштүү беренелердин жана БШКнын колдорду топтоо жана текшерүү көрсөтмөлөрүнүн конституцияга туура келген-келбегендиги тууралуу талашуу ниетин билдиришип, бирок алардын бири да ошону жүзөгө ашыра алган жок. Жогорку Сотко жана Конституциялык Палатага судьяларды тандоо жараянынын жаратылбай калганы Жогорку Соттун шайлоо жүргөн мезгилде аракеттүү болбогонуна алып келди.

## V. ШАЙЛООНУ БАШКАРУУ

2011-жылкы президенттик шайлоо үч деңгээлдүү системдин негизинде башкарылды: БШК, 58 Аймактык Шайлоо Комиссиясы (АШК)[10] жана 2.318 Участкалык Шайлоо Комиссиясы (УШК).[11] Шайлоо комиссиялары боюнча жаңы мыйзамдын жол-жоболору өркүндөтүлүп, бардык деңгээлдердеги комиссиялардын үзүрлүү иштешине жана көп түрдүү кылып куралышына шарт түздү.

[6] Копенгаген документинин 7.5 тарамында ЕККУга катышкан мамлекеттерден "жарандардын өз алдынча, же болбосо саясий партиянын же уюмдун өкүлү катары, саясий же коомдук кызматка талаптануу укугунун, эч басмырлоосуз, сакталышын" кепилдикке алуу талап кылынат.

[7] Мисалы, катталуу үчүн топтолууга тийиш болгон колтамгалардын саны азайтылды, адамдардын шайлоочулар тизмесине добуш берүү күнү кошулуу мүмкүнчүлүгү жоюлду жана мурда эл аралык байкоочулардын шайлоо жөнүндө пикирлерин шайлоо бүткүчө билдирүүсүнө салынган тыюу алынып ташталды.

[8] Ошондой эле мыйзам долбоорлору боюнча ЕККУ/ДИАУБ менен Вена Комиссиясынын бириккен пикирин төмөнкүдөй даректен таап караңыз: http://www.osce.org/odihr/80842.

[9] Жогорку Соттун Конституциялык Палатасы жөнүндө Мыйзам, 13-июнь 2011.

[10] Өлкө ичинен добуш берүү үчүн 57 АШК жана өлкөдөн тышкары добуш берүү үчүн 1 АШК.

[11] Өлкө ичинен добуш берүү үчүн 2.289 УШК жана өлкөдөн тышкары добуш берүү үчүн 29 УШК.

БШК беш жылдык мөөнөткө парламент тарабынан шайланып, 12 мүчөдөн турат. Алардын бир даарын президент, бир даарын парламенттик көпчүлүк жана бир даарын парламенттик оппозиция, ар бири төрттөн мүчөнү сунуштайт. БШК мүчөлөрүнүн 70 пайыздан көбү бир жыныстан болбошу керек, ошондуктан БШКнын төрт аял мүчөсү бар. Мыйзам белгилеген мөөнөттөрдү эске алганда, жалпысынан БШКнын ишин тийиштүү түрдө аткарылды десе болот. Бирок, ошол эле учурда, өз көрсөтмөлөрүн макулдашуу жана жарыялоо жагынан анын ишинде ачыктык менен натыйжалуулук кыйла жетишпеди. Чечим чыгаруу отурумдары коомчулукка ачык болгону менен, БШКнын ички ишмердүүлүгү каралган ырааттуу отурумдар жабык эшик артында өткөрүлүп, бул мыйзамга каршы болду.[12] Ошол отурумдардын протоколдорун жарыялоо ачыктык менен отчеттуулукту арттырмак, бирок БШК андай кылган жок.[13] Ошондой эле БШК ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочуларын тийиштүү түрдө маалымат менен камсыз кылбай, ошону менен эл аралык байкоо жүргүзүү аракеттерин чектеди.[14]

АШКлар менен УШКлардын ар бири эки жылдык мөөнөткө түзүлүп, жарымы саясий партиялардын өкүлдөрүнөн, жарымы жергиликтүү өздүк башкаруу органдары (*кеңештер*) шайлаган өкүлдөрдөн куралган. АШКлардын 37 пайыз мүчөсү жана УШКлардын 54 пайыз мүчөсү – аялдар.[15] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ кээ бир аймактарда көп сандагы комиссия мүчөлөрү бул кызматтан баш тартып кеткенин байкады, көбүнчө – акчалай төлөм жок болгондуктан улам.[16] Шайлоо иш-аракеттерин жүргүзүү даярдыктары, тактап айтканда, төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларын түзүү, комиссия мүчөлөрүн машыктыруу, бюллетендерди басып чыгаруу, төмөнкү деңгээлдерге добуш берүү материалдарын таратуу, жалпы жонунан, убагында жасалды.

УШКлар үчүн машыктыруу программасы белгиленген ыраатына ылайык бүткөрүлүп, ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын байкоосунда, анын сапаты менен өткөрүлүшү жалпысынан жакшы болду. Ошондой эле БШК Аймактык шайлоо комиссияларынын (АШК) системдик администраторлору үчүн эки күндүк машыктырууну, анын ичинде УШК протоколдорун БШКга жөнөтүү үчүн факстарды колдонууга машыктырууну өткөрдү.[17] БШК “Кыргыз Республикасындагы Президенттик шайлоодо добуш берүүнүн уюштурулушу, тартиби жана анын жыйынтыктарын аныктоо” регламентин кабыл алды. Ошентсе да, БШК бардык деңгээлдердеги шайлоону башкаруу ишин багыттоо үчүн көрсөтмөлүү нускамалары бар, төмөнкү деңгээлдеги шайлоо комиссияларына өз ишин жүргүзүүгө жана шайлоо жол-жоболорун жакшыраак түшүнүүгө жардам бере алган, ыңгайлуу, колдонууга оңой жана темалар боюнча түзүлгөн колдонмону даярдай алган жок. Шайлоо күнүндөгү жол-жоболордун аткаралышына байкоочулар тарабынан өзгөчө терс баа берилди.

---

12 Бул шайлоо комисиялары жөнүндөгү мыйзамдын 16-беренесине каршы келет.

13 Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзамдын 18-беренесинде протоколго отурумга катышкан бардык мүчөлөр тарабынан кол коюлушу каралган. Бирок анда протокол жарыяланышы да керек экендиги айтылбайт.

14 БШК көп учурда ЕККУ/ДИАУБ байкоочуларын суралган маалымат менен камсыз кылбай, БШК отурумдарынын боло турган убактысы жана күн тартиби туурасында маалымат алуу аябагандай кыйын болду.

15 АШК жана УШК түзүмдөрү жөнүндө БШК вебсайтында жарыяланган маалыматтарга ылайык.

16 Айрым аймактардагы АШКларда кызматтан баш тартуулардын саны кыйла көп болду: Жети-Өгүз, Түп, Ак-Суу, Тоң райондору, Каракол, Балыкчы жана Ош шаарлары.

17 БШК ар бир АШКга бирден системдик администратор дайындап, анын милдетине комиссияга логистикалык жана техникалык колдоо көрсөтүү, ошондой эле шайлоочулардын тизмелерин сактоо, жаңыртуу жана текшерүү кирет.

Оң жагын алсак, БШК бюллетендин көзү начар көргөн адамдарга башкалардын жардамысыз толтурууга мүмкүндүк берген “туйма бюллетень” деген ат менен белгилүү нускасын сунуштады. УШКлардын ар биринде ушундай нускадагы бюллетендердин бирден топтому болду. Ошондой эле БШК шайлоочулар үчүн талапкерлер жөнүндө Брайль ариби менен басылган өзүнчө маалыматтарды даярдады.

Байкоочуларга 3.051.000 бюллетендин басып чыгарылышын байкоого уруксат берилген жок. БШК бул коопсуздук себептеринен улам жасалды деп, бюллетендердин коопсуздук ченемдерин ачык жарыялабады. Бюллетендер басылган кагаздын форматы катталган талапкерлердин саны али 23 болгондо чечилген болчу. Андан кийин 7 талапкер шайлоодон баш тартып, алардын аттарын УШКларда кол менен чийип салууга туура келди. Бул шайлоо күнү УШКларга кошумча түйшүк болуп, добуш берүүчүлөрдү каттоодогу чаташтыруулар менен катачылыктардын келип чыгыш мүмкүнчүлүгүн жогорулатты.

БШК шайлоочуларга өзгөргөн шайлоо мыйзамы, эң алды, катталуу жол-жоболору, боюнча билим берүү иш-чараларын өткөрдү. Ал бир катар теле- жана радиоберүүлөрүн жана жарнамаларды уюштуруп, ошондой эле кыргыз жана орус тилдериндеги плакаттарды чыгарды. Буга кошумча шайлоочулар интернет жаңылык сайттары жана текст кабарлары аркылуу маалымат алышты. Мындан тышкары, шайлоочулар тизмесин тактап, жаңылоо учурунда текшерүү топторуна шайлоочулардын аты-жөнү жана добуш берүү участкасынын дареги жазылган чакырууларды таратуу тапшырылган. Бир катар жарандык коом уюмдары дагы БШКнын билим берүү ишине кошулушуп, шайлоочуларды маалымдоо жана ар түрдүү маалымат берүү иш-чараларын жүргүзүштү. Шайлоочуларга билим берүү жагынан жигердүү өнөктүк өткөрүлгөнүнө карабастан, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары көптөгөн шайлоочулар катталуу жол-жоболоруна жакында кандай өзгөртүүлөр киргизилгендиги жөнүндө билишпегендигин кабарлашты.

## VI. ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАТТОО

Жаңы шайлоо мыйзамына ылайык, БШК шайлоочулар тизмелерин жөнгө салуу жоопкерчилигин аркалап, шайлоочуларды каттоонун бирдиктүү системи сунушталды.[18] Бул мыйзамдык өзгөрүүлөр өркүндөтүү болуп эсептелет. Жаңы өзгөчөлүктөргө шайлоочулар жөнүндөгү маалыматтарды өлкө деңгээлинде топтоо жана шайлоочуларды так аныктоо үчүн жеке аныктоо (идентификациялоо) номерлерин (ID) колдонуу кирет. Ошондой эле БШК бир нече маалымат булактарын бир пайдаланып, шайлоочулар тууралуу тагыраак маалымат алууга аракет кылды. Бирок бул биргелештирилген маалымат базасы колдонулган жок, анткени анда чечүүгө мүмкүн болбогон кайталоолор бар экендиги аныкталды. Анын ордуна БШК камтылган маалыматтар 2010-жылдан бери жарым-жартылай гана жаңыланган мурдагы шайлоочулар тизмелерин пайданануyга кайтты.

Шайлоочуларды каттоо жол-жоболоруна шайлоочуларга тикеден-тике таасир эткен эки негизги өзгөртүү киргизилди. Шайлоочулардын тизмесине шайлоо күнү кошулуу

[18] Мурда шайлоочуларды каттоо жарандык каттоодон алынган маалыматтарга негизделген. Анда жергиликтүү системдик администраторлор шайлоочулардын тизмелерин шайлоонун мамлекеттик автоматташтырылган системин (*ГАС Шайлоо*) колдонуп жаңылашкан.

мүмкүнчүлүгү жоюлду.[19] Андан тышкары, шайлоо мыйзамы "шайлоочулук дарек" түшүнүгүн иштеп чыгып, бул шайлоочуларга, тургун катары туруктуу катталган жерине карабай, учурда жашаган жеринен добуш берүүгө жол берди. Аталган өзгөрүүлөр шайлоодогу алдамчылыкты азайтууга жана жер которгон (мигрант) шайлоочуларга катышуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө салым кошту болушу керек.

Ошентсе да, шайлоочулар тизмелеринин жалпы сапаты жана тактыгы азыркыга дейре ойлондуруп келет. Жаңы маалымат базасынын програмдык камсыздоосунун кеч сунушталганы жана шайлоочуларды каттоо иш-чараларынын кеч башталганы БШКнын маалыматтарды кайчылаш текшерүү жана каталарды оңдоо мүмкүнчүлүктөрүн чектеп койду. Буга кошумча, каттоо жол-жоболорунун ыраатсыздыгы жана шайлоочуларды каттоо системин башкарууда ачык жана формалдуу эрежелердин жоктугу олуттуу кемчиликтер катары белгиленген. Натыйжада шайлоо күнү шайлоочулардын кыйла саны, эмне үчүн ошондой болгондугунан толук түшүнүк албастан, өздөрүнүн шайлоо укугунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калган болушу керек.

БШК 1920-жылга чейин туулган жана туулган жылына байланыштуу маалыматтары толук болбогон шайлоочуларды тизмелерден чыгарып таштаган.[20] Мындай өзгөрүүдөн кийин шайлоочулар тизмелеринен жаңылыш алынып ташталгандардын баары тизмеге кошулуу үчүн кайрадан арыз менен кайрылышы керек болду. Ошондой эле шайлоочулардын белгисиз саны тизмелерден кайталанып жазылып калган же кайтыш болгон шайлоочулар катары АШК системдик администраторлору тарабынан алынып ташталып, бул БШКнын тийиштүү жол-жоболорун сактоосуз жасалган. Айрым чыгарылып ташталган шайлоочулар мурунку тизмелерде бар болуп, акыркыларына кирбей калган. Мындан тышкары, БШК каттоо жол-жоболорун каттоо жүрүп жатканда орто жолдон өзгөртүп, бардык шайлоочулардан катталуу үчүн арыздары менен кошо жеке аныктоочу номерлерин көрсөтүүнү талап кылып, ошондой номерсиз берилген арыздарды кабыл албай койгон. Шайлоочулардын тизмелеринен алынып ташталган же аларга киргизилбеген шайлоочуларга БШК тарабынан такай кабар берилген эмес.

Шайлоо күнү шайлоочулардын акыркы саны 3.032.681 адам деп жарыяланган.[21] Шайлоо алдында шайлоочулар тизмелери УШКларда жеткиликтүү болуп, аларды сурап алып текшерүү толук мүмкүн болгон, бирок алар бардык эле учурда көрүнөө илинген эмес. Шайлоочулар өздөрүнө байланыштуу маалыматтарды оңдоо, шайлоочулар тизмесине кошулуу же шайлоочулук дарек боюнча добуш берүү үчүн оңой эле УШКларга кайрыла алышкан. Шайлоо күнүнө карата БШК 270.000ден ашуун шайлоочулук арыздарды карап чыккан.[22] Убакыт менен ресурстардын тартыштыгы БШКны шайлоочулардын акыркы тизмелерин жаңылоону мунун акыркы мөөнөтү болгон 27-октябрдан кийин да улантууга аргасыз кылды, анткени кээ бир АШКларга өтө эле көп арыз түшкөн; эң эле жок дегенде,

---

[19] Мурунку шайлоо учурунда шайлоочуларды добуш берүү күнү кошумча тизмеге киргизүү мүмкүн болгон. Эми болсо шайлоочулар добуш берүү үчүн шайлоо күнүнөн эң жок дегенде 10 күн мурда шайлоочулар тизмесинде болушу керек.

[20] Текшерүү мезгилинде, бардыгы болуп, болжолу менен 40.000 шайлоочу шайлоочулар тизмелеринен чыгарылып ташталып, алардын канчоосу жаңылыш болгону белгисиз.

[21] 27-октябрда БШК шайлоочулардын жалпы санын 3.034.046 деп жарыялаган, бул сан шайлоодон кийинки жарыялоодо бир аз өзгөргөн.

[22] Шайлоочулар тизмесине кошуу жөнүндө 106.000ден ашуун арыз, шайлоочулук дарек боюнча добуш берүү жөнүндө 147.000 арыз жана түзөтүү киргизүү боюнча 18.900 арыз түштү.

түшкөн арыздардын баарын карап чыгууга алардын кудурети жетмек эмес.[23] Ошондой эле БШК кыймылдуу текшерүү топторуна таянып, алар үймө-үй кыдырышып, шайлоочулар маалыматтарын жаңылап турушту, кантсе да ар кайсы аймактарда бул иштин аткарылышы ар кандай болду.[24]

Өлкөдөн тыш жашаган жарандардын саны 700.000 болгону аныкталып, бирок алардын 38.056ы гана добуш берүүгө катталган. Өлкөдөн тыш добуш берүү 23 өлкөдөгү 29 шайлоо участкасында жүргүзүлдү. Шайлоо участкалары дипломатиялык өкүлчүлүктөрдө гана ачылып, бул мурда шайлоо участкаларын чет жактын ар кайсы жеринде ачуу тажрыйбасына салыштырмалуу оң өзгөрүү болду. Чет жактан добуш берүүнү кепилдикке алган мыйзам жетишкендиктерин таануу менен бирге, укуктан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жакшыртуу жолдорун табуу үчүн кошумча аракеттер жасалууга тийиш экендигин айтуу керек

## VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

Талапкер болуп катталуу үчүн президенттикке талаптангандар шайлоо фондун түзүп, күрөөгө 100.000 сом (болжолу менен 1.686 евро)[25] коюп, кыргыз тил сынагынан өтүп, алардын талапкерлигин колдогон 30.000 колтамга тапшырууга тийиш болду.

Кабыл алуунун акыркы күнү – 16-августка карата бардыгы болуп өз арыздарын БШКга 86 талапкер тапшырган: алардын ичинен 18и саясий партиялардан, 68и өзүн өзү сунуш кылган талапкерлер, анын ичинде 6 аял талапкер.[26] Адегенде көрсөтүлгөн 86 талапкердин арасында экөө гана кыргыз улутунан эмес болду. Кыргыз эмес талапкерлер жана аял талапкерлердин төртөө катталуу мезгилинин баш ченинде эле катышуудан баш тартып кетишти.

БШК тапшырылган колтамгалардын кокустук ыкмасы менен тандалган 20 пайызы жумуш тобу тарабынан текшерилет деп чечим кабыл алды. БШК тарабынан түзүлгөн тил комиссиясы тил сынактарын өткөрүп, алар жалпыга коомдук телеканал аркылуу түз алынып көрсөтүлдү. Талапкерлер өздөрүнүн кыргызча окуу, жазуу жана “өз ойлорун билдирүү” жөндөмдөрүн көрсөтүшү керек болду.[27]

Каттоонун 25-сентябрдагы акыркы күнүнөн кийин тогуз талапкер БШКнын топтогон колдордун жетишсиздигининин негизинде каттабай коюу чечимин натуура деп даттануу менен кайрылышты. Сот тарабынан БШК колтамгаларды текшерүү тартибин туура сактабаганы аныкталды.[28] БШК колдорду жаңыдан текшерүүнү уюштуруп, дагы төрт талапкер керектүү колтамгалары бар деп табылды да, ошондон улам БШК кол тамгаларды

---

[23] БШК да, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ да шайлоочулардын арыздары Ош шаарында толук каралбай калгандыгы жөнүндө кабарлашты (болжолу менен 800дөн 3.000 арызга чейин).

[24] Кыймылдуу топторго УШКнын, жергиликтүү бийликтин жана жарандык коомдун ар биринен бирден өкүл кирди.

[25] Отчет жазылып жатканда евро менен кыргыз сомунун ортосундагы алмашуу курсу 1:59,30 болгон.

[26] БШК тарабынан 2011-жылдын 26-сентябрында берилген маалымат боюнча.

[27] Шайлоо мыйзамынын 51-беренесине ылайык.

[28] Биринчи Май райондук сот белгиленген акыркы мөөнөт сакталбаганын, талапкерлерге текшерүү өткөрүлө турган күн жана убакыт жөнүндө кабар берилбегенин, текшерүү документтеринде мөөрлөр менен колдор жетишпегенин жана колжазууну текшерүү адисин колдонуу жол-жоболору так белгиленбегенин аныктап тапты.

текшерүү үчүн колдонгон усулдарга байланыштуу олуттуу суроолор келип чыкты. Тил коммисиясынын бүтүмдөрү же БШКнын тил сынагынын жыйынтыктарынын негизинде каттоодон өткөрбөө чечимдери натуура деп жолдонгон беш даттануунун бири да максатына жетпеди.

Ошентип, катталуунун акыркы мөөнөтүнөн кийин катталган талапкерлердин өнөктүк жүргүзүүгө башкалардыкы менен бирдей убактысы болбоду. Талапкерлерди каттонун мөөнөттөрү башкача болгондо, бардык талапкерлердин өнөктүк өткөрүү убактысы бирдей болмок.

10-октябрь күнү бюллетендин таризи чечилгенде, жарышта 23-талапкер бар болчу (арасында бир да аял жок), алардын 13ү өзүн-өзү сунуштагандар, 10у саясий партиялар тарабынан көрсөтүлгөн. Баш тартуунун акыркы мөөнөтү катары белгиленген 27-октябрга карата 7 талапкер жарыштан баш тартышты.

## VIII. ШАЙЛОО ӨНӨКТҮГҮ

Ички чыңалуулар бар болгонуна карабай, өнөктүк жалпысынан тынч жагдайда өттү. Өнөктүк иш-аракеттери шайлоо алдындагы акыркы эки аптада күч алды. Шайлоодогу атаандаштар өздөрүнүн өнөктүк иш-аракеттерин, бийликтер тарабынан да, башка партиялар тарабынан эч жолтоо кылынбай, эркин өткөрө алышты. Чогулуштар жана өз оюн билдирүү эркиндиги өнөктүктүн башынан аягына чейин өлкөнүн бардык жерлеринде урматтоо менен сакталды.

Кантсе да, саясий талкууларда көңүл негизинен өлкөнүн түндүк жана түштүк аймактарынын ортосундагы айырмачылыктарга бурулуп, өлкөдөгү саясий чыңалуу жогору бойдон кала берди. Мезгил-мезгили менен пикир алышууда айрым саясатчылар менен маалымат каражаттары тарабынан улутчулдук маанайдагы сөздөр сүйлөндү. Коомчулукта шайлоону жүргүзгөн уюмдарга карата ишеничтин жок болгондугу тынчсыздануу туудуруп келди. Айрыкча сот жана укук коргоо органдарына болгон ишенбестик айкын көрүнүп турду.

Шайлоо жарышына катышкандардын көбү бейтараптык менен сүйлөп, өз тарапкерлерин да эч зомбулук кылбастан, өздөрүн тынч алып жүрүүгө чакырышты. Ошентсе да, куру чечендик жана элди шыкактоо менен сөз айтылган бир катар учурлар да болду. Талапкерлердин бири өз өнөктүгүнүн бир нече митингинде элге ачыктан-ачык улутчулдук менен кайрылып сүйлөдү.[29] Бирок өнөктүктүн жүрүшүндө бир дагы олуттуу зордук-зомбулук көрсөтүлгөн учур жөнүндө кабар түшкөн жок.

Талапкерлер колдонгон өнөктүк иш-аракеттеринин деңгээли менен түрлөрү өз ара кескин айырмаланды. Өз өнөктүгүн талапкерлер жарнама такталарын, баннерлер менен плакаттарды колдонуу, митинг өткөрүү менен баракча таратуу, ошондой эле массалык маалымат каражаттарынан пайдалануу аркылуу жүргүзүштү. Алар өз иш-аракеттерин негизинен шаар аймактарынан өткөрүшүп, айыл жериндеги үгүттөө иш-чаралары азыраак болду. Алты талапкердин гана өнөктүктүн басма материалдарына жарыяланганы жана

[29] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ К.Ташиевдин 1-октябрда Каракол шаарында, 14-октябрда Базар-Коргондо, 15-октябрда Кара-Кулжада, 16-октябрда Жалал-Абадда, 18-октябрда Ошто, 20-октябрда Кербенде жана 21-октябрда Баткенде өткөн митингдерине байкоо жүргүзгөн.

өткөрүлгөн бир катар митингдерге катышканы көзгө урунарлык болду.[30] Алардын митингдерине чогулгандардын орточо саны 250дөн 600 адамга чейин болду. Бир нече жолу үч талапкер митингдерге колдоочуларынын мындан кыйла көбүрөөк санын тарта алышты (15.000 кишиге чейин).[31]

Өнөктүктү көйгөйлөрдөн көрө, талапкерлердин инсандык сапаттары алдыга жылдырды. Талапкерлердин көбү өз платформаларында негизги көңүлдү болгон көйгөйлөргө бурушуп, алардын саясий көз караштарында башкалардан айырмалап турган өзгөчөлүктөр жетишпей жатты. Өнөктүктүн башкы темалары өз ичине экономикалык өнүгүү менен жумушсуздукту, коррупция менен мыйзам үстөмдүгүн, башкаруу таризин, ички түзүм (инфраструктура), миграция, коопсуздук абалын жана өлкө биримдигин камтыды. Бир катар талапкерлер Кыргызстан элдеринин жогорку жыйналышы катары Курултайды калыбына келтирүүнү жактап чыгышты.[32]

Шайлоо жарышынын агымын, белгилүү ченемде, талапкерлердин өз ара сүйлөшүүлөрү нуктап турду. ЕККУ/ДИАУБ менен маектешкендердин көбүнүн пикири боюнча, мунун максаты күчтүрөөк талапкерлер тарабынан айрым атаандаштарын келечекте кызмат орун берүүнү убада кылуу аркылуу шайлоодон баш тарттыруу болгон. Бул көп учурда жарыштын акыркы апталарынан орун алды.

Басым көрсөтүү жана коркутуп-үркүтүү түрүндө административдик ресурс кыянат колдонулгандыгы туурасында сөздөр шайлоо алдындагы мезгилде айтылып, бул кайсы бир деңгээлде шайлоо жараянынын белгилүү катышуучуларына болгон ишеничти төмөндөттү.[33] Кээ бир учурларда университет студенттери менен кызматкерлерин шайлоочулук дарек боюнча добуш берүү арыздарын жазууга мажбурлашкан.[34] Ал турсун, кабарлангандай, бир нече жолу аларды белгилүү бир талапкерге добуш бердирүү аракеттери жасалган. Бир нече басым көрсөтүү жана мажбурлоо учурлары жөнүндө башка окуу жайларынан жана медицина кызматкерлеринен да маалымат түшкөн.

## IX. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ ЖАНА ӨНӨКТҮКТҮ КАРЖЫЛОО

БШКнын көзөмөлдөө-текшерүү тобу биргелешип өнөктүк каржыларына байланыштуу мыйзамдык негизди күчөтүүгө аракет жумшап, муну калыстык маанайында жасады.[35]

---

[30] А.Атамбаев, К.Байболов, К.Калматов, А.Мадумаров, Ө.Субаналиев жана К.Ташыев.

[31] ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын отчеттору боюнча, А.Атамбаев 800дөн 15.000ге чейин киши катышкан 10 митингди уюштурган, А.Мадумаров катышкан кишилердин саны 700дөн 2.500гө чейин болгон 5 митингди уюштура алган жана К.Ташыев өткөргөн митингдердин 8ине 700дөн 5.500ге чейин киши катышкан.

[32] Демейде Кыргызстан элдеринин ассамблеялары анда-санда гана чогулуп, алардын мыйзамдуу статусу болгон эмес.

[33] 29-сентябрда парламент "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын аткарылышын камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" токтомун чыгарып, шайлоо мыйзамын бекитип, ресурстар туура эмес колдонулган учурларда катуу чара колдонууну талап кылган.

[34] ЕККУ/ДИАУБ ШБМ мындай учурлар Бишкекте жана Караколдо болгонун кабарлаган.

[35] Шайлоо мыйзамынын 42-беренесинде талап кылынгандай, БШК борбордук бюжеттен шайлоого бөлүнүп берилген бардык фонддорду жана президенттикке талапкерлердин бардык өнөктүк салымдары менен жасаган чыгашаларын көзөмөлдөө үчүн аудит тобун 16-июлда түзгөн. Аталган топ он алты (16) мүчөдөн туруп, анын ичинде мамлекеттик салык инспекциясынын адиси бар. Анын башында БШКнын мүчөсү турат.

Аталган топ катталган бардык талапкерлердин эсептеринин аудиттик текшерүүсүн жана түшкөн арыздар боюнча төлөм документтеринин тандамал текшерүүлөрүн жүргүздү. Шайлоо мыйзамына ылайык, БШК талапкерлердин түшкөн салымдар жана жасалган чыгашалар туурасында үч отчет тапшыруусун талап кылды.[36] Ошого кошумча, шайлоо мыйзамы талапкерлердин шайлоо фонддору ачылган каржылык институттардан апталык негизде аудиторлук топторго кабар берип турууну талап кылат. БШК тастыктагандай, анча-мынча өзгөчө учурларды эсепке албаганда, каржылык институттар менен талапкерлердин бардыгы белгиленген мөөнөттөрдүн ичинде маалымат берүү шартын аткара алышты.[37]

Апта сайын БШК өнөктүк каржылары жөнүндөгү маалыматтарды, талапкерлердин каржылары туурасында кыскача билдирмелерди, жалпысынан түшкөн, сарпталган жана калган суммаларды жарыялап турду. Ошентсе да, жасалган салымдардын булактары, ар бир салымдын өлчөмү жана ар бир талапкердин жасаган чыгашалары жөнүндөгү кеңири маалыматтар коомчулуктун кароосуна сунушталган жок; муну жакшы тажрыйба деп айтууга болбойт. Көзөмөлдөө-текшерүү тобу эл аралык байкоочуларга маалымат берүүгө өзгөчө ынта коюп, зарыл маалыматтар менен камсыз кылуу аркылуу ушул жактан байкоо жүргүзүү ишине кол кабыш кылды. БШК тарабынан камсыз кылынган маалыматка ылайык, талапкерлердин баары чыгаштоонун мыйзамда белгиленген чегинен (50 миллион сом) чыккан жок.

## X. МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ

### A. МАССАЛЫК МААЛЫМДОО ЖАГДАЙЫ

Маалымдоо чөйрөсүндөгү 2010-жылдын апрелинен кийинки оң өзгөрүүлөр, анын ичинде коомдук телеканалды түзүү жана ушакты кылмыш катары карабоо чечимдери, ЕККУнун Массалык Маалымат Каражаттарынын Эркиндиги боюнча Өкүлү тарабынан кубатталды.[38] Кантсе да, бир катар тынчсыздануулар, анын ичинде журналисттердин коопсуздугуна, чыгармаларын электөөсүнө (самоцензура) жана кесиптик деңгээлине байланыштуулары, али да калууда. Буга кошумча, маалымат каражаттарынын саясий таасирге анча туруштук бере албагандыгы маалымат эркиндигине байланыштуу жетишкендиктерге коркунуч туудурган фактор катары кабыл алынууда.[39]

### B. МЫЙЗАМДЫК НЕГИЗ

Өнөктүктү чагылдыруу үчүн бардыгы болуп БШК 40 теле- жана радиостанцияны жана 103 басма сөз каражатын аккредиттеген. Адегенде ал, интернеттеги маалымат каражаттары массалык маалымдоо каражаттарынын мыйзамдагы аныктамасына туура келбейт деп,

---

36 БШКнын 2011-жылдын 15-июлундагы нускамалары боюнча, бир отчет талапкердин катталуу документтери менен кошо, экинчиси шайлоого 10 күн калган учурдан кеч эмес жана акыркысы добуш берүүдөн кийинки 10 күндүн ичинде тапшырылышы керек.

37 Төрт талапкер: А.Айтикеев, К.Исабеков, Т.Колубаев жана А.Матубраимов өздөрүнүн өнөктүк каржылары боюнча экинчи отчетун 20-октябрга белгиленген акыркы мөөнөткө чейин тапшырбай калгандыгына байланыштуу БШКдан расмий эскертүү алышкан.

38 Төмөнкү induced даректен караңыз http://www.osce.org/fom.

39 19-октябрда Парламенттин төрагасы, 5-каналды парламенттик канал кылып өзгөртүү үчүн, аны мамлекеттештирүү жөнүндөгү мыйзамга кол койгон. Мыйзам эки ирет Президент тарабынан кайтарылып, бейөкмөт маалымат каражаттары жана эксперттер тарабынан сынга алынган.

жаңылык агенттиктерин аккредиттеген эмес. 16-августта парламент, шайлоо мыйзамынын өнөктүктү мыйзам тарабынан тыюу салынбаган башка жолдор менен өткөрүүгө жол берген 22-(13)(4) беренесине шилтеп, онлайн маалымат каражаттары өнөктүктү чагылдыра алат деген тыянак чыгарып, БШКнын көз карашын жокко чыгарган.

Шайлоо мыйзамында БШКнын маалымдоо каражаттарынын шайлоо эрежелерине ылайык иш жүргүзгөнүн көзөмөлдөп туруу милдети каралган. БШК аталган милдетти жүзөгө ашырууга жардам бере турган кеңешчилер тобу катары маалымат каражаттары боюнча жумушчу топту түзгөн. Өнөктүктүн жүрүшүндө бул топ, көбүнесе өзүнүн жүргүзгөн мониторингине таянып, массалык маалымдоо каражаттарына байланыштуу 25 даттанууну карап чыгып, чечим чыгарган. Ошонун натыйжасында ал өнөктүк эрежелерин карманууу керектиги жөнүндө 11 жазуу түрүндөгү жана 6 оозеки эскертүүнү берген. Мындай алдын алуу чаралары жакшы ниеттен чыккандыгы менен, алардын эч кандай мыйзамдык күчү болгон жок, себеби шайлоо мыйзамында жумушчу топтун бул сыяктуу укуктары каралган эмес. Жумушчу топтун сунушу бюнча, БШК эки гезитке (“Де факто”, “Фабула”) эскертүү жасап, дагы биринин (“Саясат пресс”) аккредитациясын жокко чыгарган.

Коомдук жана мамлекет каржылаган маалымат каражаттары катталган талапкерлерди ар кандай форматтагы эркин обо убактысы менен камсыз кылуу жагынан өз милдетин орундатышты.[40] Бирок, эркин обо убактысы өнөктүк аттанары менен бериле баштоого тийиш деген талапка каршы, коомдук да, мамлекет каржылаган каналдар да *(КТРК, ЭлТР)* өз программаларын өнөктүк расмий башталгандан эки жумача кийин гана көрсөтө баштаган.[41]

*КТРК* да, *ЭлТР* да, мыйзам талап кылгандай, телеберүү аркылуу кайымайтыштарды алып көрсөтүүнү уюштурушту. Коомдук телеканал уюштурган кайымайтыштар көрөрмандардын калың тобун кызыктырууну көздөп, көрөрмандарды түздөн-түз катыштыруу форматын колдонууну, анын ичинде жарандарга суроого мүмкүнчүлүк берүүнү эске алды. *КТРК* шайлоочуларды маалымдоо үчүн пикир алышуунун маанилүү жолун камсыз кылганы менен, ал ошондой эле алып баруучулардын айрым талапкерлерге калыс эмес мамиле жасагандыгын айткан көптөгөн нааразычылыктарга да туш болду.[42] Мындан тышкары, башындагы атаандашы шайлоодон баш тарткандыгына байланыштуу, А.Атамбаевге өзү катышкан кайымайтыштын адеп белгиленген күнүн өзгөртүүгө уруксат берилген.[43]

Шайлоо мыйзамынын 22-беренеси (16) чет өлкөлүк маалымдоо каражаттары аркылуу өнөктүк өткөрүүгө киргизген чектөө карама-каршы пикирлерди жаратты. Жергиликтүү телеканалдар бардык чет өлкөлүк берүүлөрдү жаздырып, обого кечиктирүү менен чыгарууну талап кылган мыйзамга ылайык иш алып баруу техникалык жактан кыйынчылык туударарын айтып арызданышты. Ошондон улам Бишкектеги *Ала ТВ*

---

40 Коомдук *КТРК* телеканалы кайымайтыштарды, тегерек стөлдөрдү жана кайрылууларды, мамлекет каржылаган *ЭлТР* каналы кайымайтыштар менен кайрылууларды уюштуруп, коомдук *Кыргыз радиосу* маектешүүлөр менен кайрылууларды сунуш кылды.

41 Мыйзам талап кылгандай, үч бекер жарнак маалымат каражаттары сунуштаган программада БШК 6-октябрда лотерея өткөргөн учурда көрсөтүлгөн.

42 А.Мадумаров жана К.Ташыев.

43 А.Атамбаевдин адепки кайымайтышы 25-октябрга коюлган болчу. 26-октябрда өткөрүлө турган башка кайымайтыш бар болгонуна жана башында ал 27-октябрь күнү мамлекет каржылаган *ЭлТР* каналындагы кайымайтышка катышууга жазылганына карабастан, БШК ага *КТРК* тарабынан 27-октябрда өткөрүлгөн акыркы кайымайтышка катышууга уруксат берген.

кабелдик каналы өз кабелдик көрсөтүү топтомунан бир катар жаңылык каналдарын, анын ичинде *BBC*, *CNN* жана *Euronews* (*Еврожаңылыктар*) каналдарын, убактылуу алып таштоону чечти. Бирок ошол эле мезгилде Орусиянын *РТР*, *РТР 24* же *ТВ Центр* жана *Deutsche Welle* сыяктуу кээ бир башка четтик каналдар ободо түз алынып көрсөтүлүп жатты.[44] ЕККУ/ДИАУБ жана Вена Комиссиясы өздөрүнүн биргелешкен пикир билдирүүсүндө мындай чектөөгө эч мыйзамдуу негиз жоктугун жана бул ЕККУ милдеттенмелерине туура келбегендигин баса белгилешти.

## C. Маалымат каражаттарына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары

22-сентябрда ЕККУ/ДИАУБ ШБМ алты телеканал, эки радиостанция, эки маалымат агенттиги менен он гезиттин ишин сандык жана сапаттык жактан анализдөөнүн негизинде маалымдоо каражаттарына мониторинг жүргүзүүнү баштаган.[45]

25-сентябрь күнү расмий башталганынан тартып шайлоо өнөктүгү маалымат каражаттарында көзгө көрүнө баштаган. Массалык маалымдоо каражаттары көңүлдүн көпчүлүгүн өкмөт менен президенттин иш-аракеттерине жана шайлоонун БШК тарабынан сунушталган техникалык аспектилерине бөлүшкөн.

Өкүнүчтүүсү, шайлоо мыйзамындагы бардык талапкерлерге бирдей тең шарт берилишине байланыштуу жоболор бүдөмүк болгондуктан, маалымат каражаттары аларды абайлап чечмелөөгө аракет кылышты.[46] Массалык маалымдоо каражаттарынын көбү такай маалымат берүү өнөктүккө түздөн-түз катышуу катары кабыл алынышы мүмкүн деп тынчсызданышып, талапкерлерди өз жаңылыктары менен маалымат программаларында көз карандысыз өңүттөн чагылдыруудан оолакташты. Натыйжада коомчулук негизинен көптөгөн төлөнмө жарнамалар менен талапкерлерге сунушталган бекер программалардан гана маалымат алып калды. Мындан тышкары, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ маалымат каражаттарына жүргүзгөн мониторинг көрсөткөндөй, берүүлөрдүн кайсылары акысы төлөнгөн жарнама болгону айкын көрүнгөн жок. Бул болсо көрөрмандарды алардагы мазмундун чыныгы табиятынан адаштырган болушу мүмкүн.

Алдынкы телеканалдар, алардын ичинде *КТРК*, өз көрөрмандарына премьер министрдин милдетин аткаруучунун кызмат ордунда жана партияда жүргүзгөн иштерин чагылдырган баяндамаларды дээрлик күн сайын сунуш кылды. *КТРК* өзүнүн саясатка байланыштуу берүүлөрүнүн 24 пайызын өкмөттүн иш-аракеттерине арнап, алардын бир кыйла бөлүгү өткөөл мезгилдеги Убактылуу өкмөттүн жетишкендиктери жөнүндө кабарлады. Мындай кабарлар көпчүлүк учурда ошол кезде өнөктүккө талапкерлердин бири катары катышуу үчүн кызматтан четтеген премьер-министр А.Атамбаевге байланыштуу болгон.

---

44 Орусиянын Биринчи Каналы обого кечиктирүү менен чыгарылган.

45 *КТРК* (коомдук канал), *ЭлТР* (мамлекет каржылаган телеканал), *5-Канал, НБТ, НТС* жана *Ош ТВ* (Ош шаарында жайгашкан), *Кыргыз радиосу жана Азаттык радиосу; Кабар* жана *Акипресс* жаңылык агенттиктери; гезиттер: *Кыргыз Туусу* (мамлекет каржылаган), *Алиби, Де Факто, Жаңы агым, Супер-инфо, Учур* (кыргызча), *Слово Кыргызстана* (мамлекет каржылаган), *Дело No., Московский Комсомолец* жана *Вечерний Бишкек* (орусча).

46 БШК кеңешчилер жумушчу тобун уюштуруп, ага өнөктүк убагындагы маалымат каражаттарынын иш-аракеттерине көз салуу бийлигин берген. Бирок жумушчу топ телекөрсөтүү каражаттарын эч кандай ырааттуу мониторингге алган жок. Бир дагы орган тарабынан шайлоо мыйзамын кандайча чечмелөө керектиги тууралуу расмий көрсөтмө берилген эмес.

Мамлекет тарабынан каржыланган *ЭлТР* каналы да окшош мамиле жасап, саясий жаңылыктарынын 21 пайызын өкмөткө арнап, ал туурасында көбүнесе оң маанайда кабар берди. *НТС* өкмөттүн иш-аракеттерине калган мониторингге алынган каналдарга караганда эң көп – 37 пайызга жакын убактысын бөлдү. *5-Канал* өз жаңылык программаларында бир катар жарнама кабарларын берүү аркылуу көз көрүнөө А.Атамбаевге артыкчылык бергенин көрсөттү.

Коомдук *Кыргыз радиосу* өзүнүн жаңылык программаларында бийликтердин иш-аракеттерин ашыра чагылдырып келсе, *Азаттык* радиосу ырааттуу түрдө өнөктүк окуялары жөнүндө маалымдап, анын ичинде митингдерден алынган кабарларды берип турду. Жалпысынан аталган станция талапкерлерди сыпаттоодо тең салмакты сактап, А.Атамбаевге, К.Ташыевге жана А.Мадумаровго салыштырмалуу бирдей маанайда баа берип, бирдей убакыт бөлдү.

Басма сөз каражаттары окурмандарга маалыматтын кененирээк алкагын сунуштаганы менен, көбүнүн жарышка катышкандарды сүрөттөөсүндө тең салмактуулук болгон жок. Мамлекет тарабынан каржыланган гезиттер (*Кыргыз Туусуу, Слово Кыргызстана)* демейде эч кандай пикир билдирүүсүз же талдоосуз, кыскача расмий маалыматтарды гана жарыялап турушту.

## XI. УЛУТТУК АЗЧЫЛЫКТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Click Here to Read Media Monitoring Results

ЕККУнун Улуттук Азчылыктар боюнча Жогорку Комиссарынын билдирүүсүнө ылайык, 2010-жылдын июнь айындагы окуялардан кийин улуттар аралык кырдал, өзгөчө өлкөнүн түштүгүндө, “сыртынан туруктуу көрүнгөнү менен, бул туруктуулук өтө эле бошоң”.[47]

2009-жылкы эл каттоо боюнча, этникалык кыргыздар өлкө калкынын 71 пайызын түзүшөт. Этникалык азчылыктардын эң чоң топтору – негизинен өлкөнүн түштүгүндө жайгашкан өзбектер (14,5 пайыз) жана көбүнесе өлкөнүн түндүгүндө жашаган орустар (9 пайыз). Салыштырмалуу чакан, бирок ошондо да сан жагынан бир топ болгон азчылык топтору өз ичине татарларды (1,9 пайыз), уйгурларды (1,1 пайыз) жана тажиктерди (1,1 пайыз) камтыйт.

Биримдикти көздөгөн, талапка шайкеш саясаттын жоктугу жана улуттук азчылыктар жашаган аймактардагы жагдайдын коопсуздугу өтө жай жакшырып келатканы ошол жамааттарда жалпы кооптонуу жана бөлүнүү сезимин пайда кылды. Ошондон улам улуттук азчылыктардын шайлоо өнөктүгүнүн иш-чараларына катышуусу бир топ чектелүү болду. Алар митингдерге жана көпчүлүктү маалымдоо иш-чараларына катышуудан оолакташты.

Талапкерлер бул жагынан өз өнөктүк аракеттерин басылган материалдарды өзбек жамаатынын жетекчилери аркылуу таратуу менен чектешти. Кабарлангандай, үч талапкер гана өнөктүк материалдарын бир аз өлчөмдө өзбек тилинде чыгарган.[48]

[47] ЕККУнун Улуттук Азчылыктар боюнча Жогорку Комиссарынын ЕККУнун Туруктуу Кеңешинин 868-Пленардык отурумундагы Отчетун (16-июнь 2011-ж.) төмөнкү даректен караңыз: http://www.osce.org/hcnm/78915.

[48] К.Байболов, Ө.Субаналиев жана К.Ташыев.

Улуттук азчылык маселелери жана улуттар аралык мамилелер шайлоо өнөктүгүнөн анча чагылдырылбай, кээ бир талапкерлер өлкөдөгү биримдикке чакырышканы менен, улуттук азчылыктарды өнөктүккө тартуу же катыштыруу маселесине түздөн-түз кайрылышкан жок.

Шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө азчылыктар жашаган аймактарда бир жерден экинчи жерге баруу жана чогулуу эркиндиги урматталды. Азчылык жаматтарынын өкүлдөрү Ош жана Жалал-Абад аймактарында этникалык өзбектерге басмырлоо менен мамиле жасалган бир нече учур жөнүндө кабарлашты. Бирок жалпысынан шайлоо өнөктүгү жүргөн мезгилде эч кандай ырааттуу түрдө азчылыктарга каршы үгүттөө же азчылыктарды кемсинтүү орун алган жок.

АШКлардын улуттук тутуму тийиштүү аймактагы калктын жалпы курамына ылайык болду. Ошентсе да, кээ бир өзбек калкы калың болгон аймактардагы АШКлардын мүчөлөрүнүн арасында аталган улуттук азчылыктын өкүлдөрү керектүүдөн аз болду.[49] БШК мүчөлөрүнүн арасында бирөө казак улуттук азчылыгынан болду.

БШК бардык шайлоо материалдарын эки тилде – кыргызча жана орусча даярдаган. Бул башка этникалык топтордун өкүлдөрүнүн арасында көп деле нааразычылык туудурбаса да, аталган тажрыйба эл аралык стандарттарга жана ЕККУ талаптарына толук жооп бербейт.[50] Ушундан улам улуттук азчылыктан чыккан жана кыргызча да, орусча да жакшы билбеген жарандар иш жүзүндө (*дэ факто*) шайлоо укугунан толук пайдалана албай калган болушу мүмкүн.

## XII. АРЫЗДАР ЖАНА ДАТТАНУУЛАР

Шайлоо мыйзамы боюнча, арыздар жана даттануулар шайлоо комиссияларында, сот бийлигинде же укук сактоо органдарында катталышы мүмкүн. Шайлоо күнүнө чейинки арыздар эң алды саясий партиялар, талапкерлердин өкүлдөрү жана катталуудан четтетилген талапкерлердин өздөрү тарабынан берилген.[51] Шайлоо комиссияларына, сотторго жана укук коргоо органдарына берилген даттануулардын аздыгы жана шайлоочулардан эч бир даттануу келип түшпөгөндүгү коомчулукта аталган уюмдарга ишеним жоктугун айгинелеп турат; муну ЕККУ/ДИАУБ ШБМ менен маектешкен көп адамдар дагы ырасташты.

Бардыгы болуп шайлоо күнүнө чейин райондук жана аймак аралык сотторго 48 даттануу жолдонуп, алардын басымдуу көпчүлүгү талапкерлерди каттоого байланыштуу болду. Буга кошумча, соттор БШКнын өнөктүк жүргүзүүгө байланыштуу эки эскертүүсүн, өнөктүк материалдарына байланыштуу бир талашты, БШК көрсөтмөлөрүнө эки арызды, бир добуш сатып алуу учурун жана БШК аракеттеринин мыйзамдуулугуна каршы чыккан

---

49 Мисалы, Ош шаарынын, Кара-Суу жана Өзгөн АШКларында.

50 Бириккен Улуттар Уюмунун Адам укуктары боюнча комитети тарабынан 1996-жылы кабыл алынган 25 Жалпы Комментарий документинде “добуш берүү жөнүндөгү маалымат менен материалдар азчылык тилдеринде да берилүүгө тийиш” деп айтылган. ЕККУнун Копенгаген документинин 32.5 тарамында “улуттук азчылыкка кирген адамдын өз эне тилинде маалымат таратууга, алууга жана алмашууга укугу бар” деп айтылган

51 Бир учур өзгөчө турат. А.Мадумаровдун 17-октябрда өткөрүлгөн митингинен кийин райондук прокуратурага митингдин катышуучуларынан 13 даттануу түшүп, баарында тең А.Мадумаровдун айтылган эки оюна карата нааразычылык билдирилген.

эки арызды текшеришти. БШКнын учурдагы курамы менен бийлигине байланыштуу доолор мазмуну жагынан каралбай, укуктук акынын жоктугунан жана акыркы мөөнөттүн өтүп кеткендигинен улам кабыл алынган жок.

БШК тарабынан каралган даттануулар туурасындагы толук маалыматтын кеч берилиши бул жагынан ЕККУ/ДИАУБ ШБМ жүргүзгөн байкоону чектеди. БШКда бардык кабыл алынган даттануулар менен аларга карата жасалган аракеттерди жазып, эсебин жүргүзүү механизми жок. БШКнын билдирүүсү боюнча, өнөктүктөгү эреже бузууларга, талапкерлерди каттоого жана АШК менен УШКларды түзүүгө байланыштуу 28 даттануу келип түшкөн. БШК даярдаган жыйынтыктоо боюнча, алты даттанууга белгиленген үч күндүк мөөнөттүн ичинде жооп берилген, көбүнчө маселени башка уюмдарга өткөрүп берүү же эреже бузуу жагынан айыпталган тараптын укуктук ченемдерин кайрадан карап чыгуу аркылуу. Шайлоо мыйзамы кызыктар тараптарга даттануунун карала турган убактысы жана орду жөнүндө маалымдалуу, күбөлүктөрдү жана түшүндүрмөлөрдү берүү укугун ыйгарат. Бирок иш жүзүндө бул шарт аткарылган жок.

БШК карап чыккан даттануулардын ичинен экөөндө өнөктүк иш-чараларына мэрлер кийлигишкени жөнүндө, бирөөндө мамлекеттик университеттин администрациясы студенттерди шайлоочулук дарек боюнча добуш берүүгө катталууга мажбурлап жаткандыгы жөнүндө айтылган.[52] Буга жооп катары БШК эки мэрдин кеңселерине маселени иликтөө жана кандай чара көрүлгөндүгү жөнүндө кабарлоо өтүнүчү менен гана кайрылды. Университетке карата болсо шайлоо мыйзамында жазылган талаптар жөнүндө эскертүү менен чектелди. Эки мэрдин кеңселеринен БШК эч кандай жооп алган жок.

Прокуратура өз көңүлүн жергиликтүү администрациялардын иш-чараларын текшерүүгө жана жергиликтүү бийлик органдары менен мамлекеттик институттарга УШКлардын түзүлүшү менен иш жүргүзүшүнө көмөк көрсөтүү жагынан мыйзам белгилеген жоопкерчиликтери жөнүндө эскертүү каттарын жөнөтүүгө бурду. Жакшы жетишкендик катары Башкы Прокурордун алдында түшкөн даттануулар боюнча маалыматтарды бир жерге топтоо жана райондук прокурорлорго маселелерди териштирүүдө жардамдашуу үчүн жумушчу топ уюшулганын айтса болот. Шайлоо күнүнө карата өлкө боюнча прокуратурага 36 даттануу берилип, 18 учур боюнча кылмышты тергөө аракети башталган. Түшкөн даттануулар боюнча кылмыш иштери ачылып, бирок, шайлоо мыйзамы прокуратурага мындай бийлик бергенине карабай, иштердин бири да прокуратура тарабынан демилгеленген жок.

## XIII. ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР

Шайлоо мыйзамы жергиликтүү да, эл аралык да байкоочуларга шайлоо жараянына баштан-аяк байкоо жүргүзүүгө жол берет. Жергиликтүү байкоочулар добуш берүүгө чейинки мезгилде да, добуш берүү күнү да эч жолтоосуз байкоо жүргүзө алышты. Жергиликтүү уюмдар тарабынан жер-жерлерге 3.000 байкоочу жиберилген.

БШК ар кандай уюмдардан, анын ичинде ЕККУ/ДИАУБ, ЕККУ ПА, ЕП, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинен (КМШ) жана Шанхай Кызматташуу Уюмунан (ШКУ), 792 эл аралык байкоочуну аккредитациядан өткөрдү. Эл аралык да, жергиликтүү да байкоочулардын катышуусу добуш берүү жараянынын ачыктыгын жогорулатты.

---

[52] Эки учур Бишкек менен Жалал-Абаддагы чатактуу окуяларга байланыштуу болду.

Бирок бул ачыктыкты БШКнын 2011-жылдын 11-июлунда эл аралык байкоочуларды добуш берүү күнүнө 30 күн калганда гана аккредиттөө жөнүндөгү чечими азайтты. Ошондон улам "ДИАУБдун шайлоого ал башталганга чейин, жүрүп жатканда жана бүткөндөн кийин мониторинг жүргүзүүдө кеңири роль ойноо мүмкүнчүлүгү" чектелип калды.[53] Эл аралык байкоочуларды аккредиттөө жол-жобосу өтө эле татаал жана түйшүктүү болду. БШК колдонгон айрым текшерүү чараларынын мыйзамдуу негизи бар болгондой көрүнгөн жок. Бул көп сандаган ЕККУ/ДИАУБ байкоочулары эбак байкоо жүргүзө турган жерине жөнөтүлгөндөн кийин гана аккредиттелген жагдайга алып келип, бүтүндөй байкоо жүргүзүү аракеттерине доо кетириши да толук мүмкүн болгон, бул болсо ЕККУга катышып, өз байкоочуларын жиберген мамлекеттер үчүн кыйбатка турмак.[54]

## XIV. ШАЙЛОО КҮНҮ

Шайлоо күнү зордук-зомбулуксуз, тынч жагдайда өттү. Кыйла көп шайлоочулардын аттары шайлоочулар тизмелеринен табылбай, бюллетендер салынуучу урналарга жасалма бюллетендер кошулган, бир нече жолу же туугандарынын ордуна добуш берилген, добуштарды сатып алуу аракети жасалган жана шайлочулар автобус менен алынып келген көп учурлар байкалган. Добуштарды саноо менен таблицага түшүрүүгө келгенде, жагдай андан бетер начарлап, бир топ шайлоо участкаларына байкоочулар тарабынан терс баа берилди. Бир катар учурларда, мыйзамда жазылган жол-жоболорго каршы, протоколдор өзгөртүлүп, ал турсун жогорку деңгээлдеги комиссия тарабынан толтурулду. Көп байкоочулардын добуштарды эсептөөнү жана таблицага түшүрүүнү байкоо аракеттерине чек коюлган.

Байкалган ар кандай олуттуу бузуулар менен айрым шайлоо участкаларында катталган добуш берүүчүлөрдүн шек туудурарлык көп саны жалпы жонунан шайлоо жараяны канчалык ак ниеттик менен өткөрүлгөнүнө байланыштуу кыйла тынчсыздануну туудурат. Коомчулуктун шайлоо жараянына болгон ишенимин жогорулатуу үчүн мындай бузуулар менен кемчиликтер тийиштүү түрдө изилденип, бийликтер тарабынан керектүү чаралар көрүлүүгө тийиш.

### A. ДОБУШ БЕРҮҮ ЖОЛ-ЖОБОЛОРУ

Добуш берүү өлкөнүн бардык жерлеринде ирееттүү жана ачык маанайда жүргүзүлдү. Байкоочулар өздөрү барган шайлоо участкаларынын 96 пайызындагы жол-жоболордун ачыктыгына "эң жакшы" жана "жакшы" деп баа беришти. Добуш берүү жараяны байкоого алынган шайлоо участкаларынын 93 пайызында оң баага татыды. Ошентсе да, орчундуу бузуулар орун алган бир катар учурлар жөнүндө кабарланды: байкоого алынган участкаларда добуштар сатылып алынган 13 учур, топ болуп добуш берилген 120 учур жана бир нече жолу добуш берилген 30 учур байкалды. Добуш берүүнүн жүрүшүндө жасалма бюллетендерди урнага кошуу учурлары 11 шайлоо участкасында катталды.

---

53 1994-жылкы Будапешт Саммитинин Документи, VIII-бөлүм, 12-тарам; төмөнкүдөй даректен көрсө болот: www.osce.org/mc/39554

54 БШКнын 2011-жылдын 11-июлундагы Эл аралык Байкоочулардын Статусу менен Ишмердүүлүгү Эрежелеринин 3-беренесине (1,2) ылайык, эл аралык уюмдар аккредиттелүү үчүн арыздарын Кыргыз Республикасынын ТИМине тапшырып, ал өз тарабынан аккредитация документтерин текшерип, аларды БШКга жеткирет. ЕККУнун 1990-жылкы Копенгаген Документинин 8-тарамын караңыз.

Эл аралык байкоочулар кабарлагандай, шайлоо участкаларында жергиликтүү байкоочулар, анын ичинде партиялардын өкүлдөрү жана партиялык эмес байкоочулар көп болду. Талапкерлердин өкүлдөрү байкоого алынган шайлоо участкаларынын 99 пайызында болуп, шайлоо участкаларынын 69 пайызында партиялык эмес жергиликтүү байкоочулар болду.

Байкоого алынган шайлоо участкаларынын 26 пайызында (бул кыйла көп) эч уруксаты жок келген адамдар жүрүштү.[55] Ушундай уруксатсыз адамдардын жүргөндүгү менен добуш берүү жол-жоболоруна терс баа берилгендигинин ортосунда айкын байланыш бар. Байкоого алынган шайлоо участкаларынын ичинен уруксатсыз адамдар жүргөн шайлоо участкаларынын 11 пайызында добуш берүү жараяны терс бааланган, ал эми уруксатсыз адамдардын жүргөндүгү байкалбаган УШКларда берилген терс баалардын үлүшү 5 пайызга чейин төмөндөгөн.

Өлкөнүн бардык жеринде добуш берүүнүн калтырган таасири шайлоочулар тизмелеринин начар сапатынан улам бузулган. УШКлардын көбүндө шайлоочулар өздөрүн шайлоочулар тизмелеринен тапкай калган учурлар байкалды. Мындайлардын саны ар кайсы жерлерде бир нече шайлоочудан 100дөн ашуун шайлоочуга чейин болду. Эң эле жок дегенде бир нече аймакта (Чүй, Ош, Кара-Көл, Кочкор, Нарын) УШКлар өздөрүн тизмелерден таппай калган шайлоочуларга добуш берүүгө жол берген. Бул шайлоо мыйзамына жана БШК көрсөтмөлөрүнө каршы болсо да, кабарлангандай, АШКлардын макулдугу менен жасалган. БШК УШКларга шайлоочулар тизмелерине кирбей калган шайлоочулар боюнча маалымат топтоо көрсөтмөсүн бергени менен, добуш бере албай калган шайлоочулардын саны жөнүндө толук маалымат колдо болгон жок.

ЕККУ/ДИАУБ байкоочулары добуш берүү укугунан пайдаланууга жол берилбеген 446 учурга (байкоолордун 40 пайызы) күбө болушту: 78 учурда шайлоочулардын жарамдуу IDси болгон жок; 341 учурда шайлоочулар тизмеде жок болгон; 9 шайлоочуга эбак белги коюлган болуп чыккан жана 18 учурда – башка себеп менен.

Байкоочулардын шайлоо күнү бир нече шайлоо участкасына барып келген кыймылдуу топторуна кошумча, ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулардын шайлоо күнү шайлоо бүткөнчө бир эле шайлоо участкасында болгон кыймылсыз топторун да түзгөн. Кыймылсыз топтор тарабынан байкоого алынган шайлоо участкаларында добуш бергендердин саны байкоого алынган башка УШКлар кабарлаган добуш бергендердин санынан азыраак болду.[56] Бул шайлоо күнү бир дагы эл аралык байкоочу ишине баштан-аяк катышпаган шайлоо участкаларында бурмалоолор орун алгандыгынын белгиси болушу мүмкүн.

## B. Добуштарды саноо

Добуштарды саноого өлкө боюнча 134 шайлоо участкасында байкоо жүргүзүлдү. Добуштарды саноо жүрүп жатканда жагдай начарлап, ага берилген баа добуш берүү жагдайына берилген баадан терс болду. Добуштарды эсептөө жараяны 38 УШКда

---

[55] 185 учурда бул чакырылбаган милиция кызматкерлери, 102 учурда жарандар күзөттөрү, 51 учурда аскердик күзөттөр жана 48 учурда жергиликтүү бийлик өкүлдөрү болгон.

[56] Келген (добуш берген) шайлоочулардын санындагы айырмачылык кыйла чоң болуп, кыймылсыз байкоо тобу жок шайлоо участкаларында келген (добуш берген) шайлоочулардын көрсөтүлгөн саны 6,9 пайызга чейин көбүрөөк болуп чыккан.

(байкоого алынган шайлоо участкаларынын 29 пайызы) "жаман" жана "өтө жаман" деп бааланды; айрыкча терс баалар Оштогу, Таластагы жана Баткендеги участкаларда берилди.

Байкоо жүргүзүлгөн УШКлардын баарында талапкерлердин өкүлдөрү, ал эми байкалган шайлоо участкаларынын 93 пайызында жергиликтүү байкоочулар болду. Байкоого алынган шайлоо участкаларынын 48инде добуштарды саноо учурунда ал жакта болууга укугу жок адамдардын жүргөндүгү жана эч чакыруусуз келген милиция кызматкерлери тарабынан басым көрсөтүлгөндүгү байкалды. Ошол учурлардын 17синде уруксаты жок келген адамдар добуш саноо жол-жобосуна кийлигишишкен. 21 учурда байкоочулардын байкоо жүргүзүү аракеттерине чек коюлган.

Байкоочулар УШКларда добуш саноонун жүрүшүндө төмөнкүлөрдү байкашты: жыйынтыктарды жазуу протоколдору байкоого алынган 14 шайлоо участкасында толук толтурулган жок; 22 учурда жыйынтыктар протоколдору байкоочуларга көрсөтүлгөн жок; 48 учурда жыйынтыктар протоколдору коомчулук тааныша алгандай илинген жок; байкоого алынган шайлоо участкаларындагы 23 учурда добуштарды саноо бүтөрү менен материалдар жана жыйынтыктар протоколдору дароо эле АШКга жеткирилген жок. Саноо жүрүп жаткан мезгилде бюллетендер салынуучу урналарга кошумча бюллетендер салынган 13 учур жөнүндө кабарланган.

Жол-жоболордун бузулушу ошондой эле бюллеттендер салынуучу көчмө урналар ачылганда да байкалды: 39 шайлоо участкасында көчмө урналардан чыккан бюллетендер сан жагынан добуш берүүчүлөргө таратылган бюллетендерден көп болуп чыккан учурларда алар жараксыз деп табылган жок. Көчмө урналарга кошумча бюллетендер салынгандыгынын белгиси байкоого алынган учурлардын ичинен 6 учурда табылды.

34 учурда добуштарды саноонун жүрүшү даана көрүнбөй, 18 учурда саноо жараянын байкоого чек коюлган.

### C. Маалыматтарды таблицаларга түшүрүү

Маалыматтарды таблицаларга түшүрүү жараяны 58 АШКнын ичинен 49унда байкоого алынды. Байкоого алынган АШКлардын жарымында таблица толтурууга "начар" же "өтө начар" деп баа берилди. Байкоочулар АШКларда талапкерлердин өкүлдөрү жана партиялык эмес жергиликтүү байкоочулар көп болгондугун кабарлашты. Ошентсе да, таблицалардын толтурулушу ачык жасалбай, көп (18) учурда байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылынды. 31 учурда байкоочулар маалыматтардын Шайлоонун Маалымат Системине түшүрүлүшүн даана көрө алышкан жок. 39 учурда уруксатсыз келген адамдардын жүргөнү кабарланган. ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары 21 учурда УШК берген жыйынтыктарды кайрадан саноо талап кылынганын билдиришти.

## XV. ШАЙЛООНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЖАРЫЯЛОО ЖАНА ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ ОКУЯЛАР

### A. Жыйынтыктарды жарыялоо

Оң өзгөрүү катары, алдын ала алынган жыйынтыктар шайлоо участкаларынан келери менен, БШК аларды шайлоодон кийинки түнү өзүнүн вебсайтына чыгаргандыгын

белгилесе болот. Бардык шайлоо участкаларынан келген алгачкы жыйынтыктар жарыкка чыккан соң, БШК шайлоочулардын келишин 61,29 пайыз деп жарыялады.[57]

БШК АШК протоколдорун алуу үчүн жумушчу топ түзгөн. БШКнын протоколдорду алуу жана карап чыгуу жоопкерчилиги аталган топко жүктөлүп, анын протоколдорду алууга гана бийлиги болгон. 8-ноябрга карата БШКга 58 АШКнын 56сынан протоколдор келип түшкөн. БШК протоколдордун кечеңдетилип жеткирилишинин себеби АШКлардын алыстыгында жана жайгашкан жеринде деп түшүндүрдү.[58]

12-ноябрда БШК акыркы жыйынтыктар боюнча чечим чыгарды. Ага ылайык, А.Атамбаев добуштардын 62,52 пайызын, А.Мадумаров – 14,78 пайызын жана К.Ташыев – 14,32 пайызын алды. Калган талапкерлердин бардыгы берилген добуштардын бир пайыздан азын топтошкон. Натыйжада, А.Атамбаев жеңүүчү деп тастыкталды. БШКнын бардык 12 мүчөсү тең БШКнын жыйынтыктоочу протоколуна кол коюшуп, БШКнын 4 мүчөсү ошого өздөрүнүн өзгөчө пикирин кошушту. Алар көтөрүп чыккан негизги көйгөй айрым УШКлар түзгөн протоколдордогу жыйынтыктар менен БШК жарыялаган жыйынтыктар бири-бирине туура келбеген учурлардагы айырмачылыктардын БШК тарабынан изилдөөгө алынбагандыгы болду. Бул айырмачылыктар талапкерлердин өкүлдөрү тарабынан үч АШКга берилген даттанууларга негизделген.[59]

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ өзү добуштарды саноо жараянын байкаган шайлоо участкаларынан алынган протоколдорду жана БШКнын вебсайтында жарыяланган маалыматтарды бири-бирине салыштырууну жүргүздү. Салыштыруу көрсөткөндөй, тогуз учурда БШКнын вебсайтында илинген маалыматтар ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулары шайлоо түнү УШК протоколунан алган жыйынтыктардан кыйла башкача болуп чыкты. Учурлардын баарында өзгөртүүлөр А.Атамбаев алган добуштардын санын – кээ бир учурда бир нече жүз добушка – көбөйткөн. Эки башка маалымат топтомун салыштыруу таблицасын II Тиркемеден көрсө болот. ЕККУ/ДИАУБ ШБМдын буга түшүндүрмө берүү өтүнүчүнө жооп катары БШК расмий даттануу жолдонгон учурда ал тараптан ыраатсыздыктарды карап чыгуу гана жүргүзүлмөк деп кабарлады.

## B. ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ ОКУЯЛАР

Шайлоодон кийинки күнү А.Атамбаев бардык саясий күчтөр, анын ичинде өзүнүн саясий атаандаштары менен сүйлөшүүгө даяр экендигин билдирди. Ошондой эле ал “бул шайлоолор өлкөнүн биримдигин карай алгачкы кадам болуп калат,”[60] – деп да белгиледи.

31-октябрда президенттикке эки талапкер, К.Ташыев жана А.Мадумаров, шайлоонун жыйынтыктарын таанбай тургандыгын жарыялашты. Ошол эле күнү К.Ташыевдин колдоочулары Бишкек-Ош жолун Жалал-Абадга жакын жерден бөгөштү. А.Мадумаровдун 200гө жакын колдоочусу ошол эле жолду Өзгөн шаарынын жанынан 1-ноябрь күнү тосушту. Андан кийинки күндөрү аталган эки талапкердин тарапкерлери өздөрүнүн каршылык көрсөтүү аракеттерин бириктиришти.

---

57 Төмөнкүдөй даректен караңыз: http://www.shailoo.gov.kg.
58 Алардын бири Бишкек шаарындагы Октябрь АШКсы болгон.
59 Бул УШКлар Октябрь, Жайыл жана Сокулук АШКларынын аймагында жайгашкан.
60 www.akipress.kg.

Шайлоодон кийин Парламенттин төрагасы негизги талапкерлер менен бир катар кеңешүүлөрдү жүргүздү.[61] Ал бардык маселелер мыйзамдын негизинде чечилүүгө жана калган талапкерлер элдин чечимин кабыл алуууга тийиш экенин баса белгиледи.

4-ноябрда К.Ташыев, шайлоо күнү көптөгөн бузуулар орун алгандыгын кайталап айтып, ошону менен бирге өз колдоочуларына каршылык көрсөтүүнү токтотуу чакырыгы менен кайрылды. А.Мадумаровдун тарапкерлери ошондой эле кайрылууну 8-ноябрь күнү алышты. Ошол эле күнү бардык каршылыктар токтоду. Жаңы шайланган Президенттин такты аземи (инагурация) 1-декабрь күнү болуп өттү.

## C. ШАЙЛООДОН КИЙИНКИ ДАТТАНУУЛАР

Шайлоочулар өздөрүнүн добуш бере албай калгандыгын жана укуктарынын бузулгандыгын көбүнчө талапкерлердин өкүлдөрүнө же жергиликтүү байкоочуларга берген арыздары аркылуу документтештиришип, сейрек учурларда гана өздөрү УШКга даттануу менен кайрылышкан. Мындай арыздар расмий даттанууларда далилдөөчү күбөлүк катары колдонулушу мүмкүн, бирок өзүнөн өзү шайлоо комиссиясынын жооп берүүсүн талап кылбайт. Шайлоо күнү добуш берүүгө жолотулбаган шайлоочулардын аз саны гана шайлоо комиссияларына же сотко кайрылып, расмий даттануу формаларын толтурушкан.

Райондук соттор тарабынан шайлоочулардын тизмеде жок болушуна байланыштуу болгон жана шайлоочулардын өздөрүнөн (4), аскердик түрмөдөн (1), алдын ала камакта кармоо жайынан (2) жана президенттикке талапкерден (1) түшкөн сегиз арыз каралды. Бардыгы жаратылбай калган же тапшырылгандан кийин жоголуп кеткен.

Шайлоо күнү жана андан кийинки үч күндүн ичинде БШК 127 даттанууну, анын ичинде шайлоочулардын тизмеде жок болгонуна байланыштуу 65 даттанууну алган. БШК ар бир учурду өз алдынча карoo жана шайлоочуларга ар бир учурдагы өзгөчө фактылар боюнча жооп берүү чечимин кабыл алган. Башка учурлар, анын ичинде боектун сапаты менен колдонулуш жол-жоболоруна, УШК иш-аракеттерине жана административдик ресурстун колдонулушуна байланыштуулары БШКнын үч мүчөсүнөн турган жумушчу топ жана БШК кызматкерлери тарабынан каралган. Байкоочуларга жумушчу топтун отурумдарына келүүгө уруксат берип жана кээде даттангандарды өз ишинин жайын түшүндүрүп берүүгө чакырып, БШК шайлоодон кийин түшкөн бул даттанууларды кароону шайлоого чейинки даттанууларды кароого салыштырмалуу ачык жүргүздү. Ошентсе да, алардын көбү же убагы өтүп кеткен деп жаратылган жок, же башка органдарга кароого өткөрүлүп берилген, же болбосо аларга мыйзамдын тийиштүү жоболорун келтирүү менен жооп берилген.

БШКга көп сандагы талапкер өкүлдөрү жана жергиликтүү байкоочулар тарабынан протоколдордогу дал келбестиктердин документтүү далилдери берилген. Жумушчу топ коопсуздалган оромдорду ачып, түп нуска протоколдордун экинчи көчүрмөлөрүн текшерүүнү жана ошону менен жыйынтыктардын ишенимдүүлүгүнө байланыштуу бардык шектенүүлөрдү алып салууну сунуш кылды. Буга БШК макул болбой, маселе сот тарабынан каралышы керек деген оюн билдирди. Сотко мындай дал келбестиктер тууралуу тийиштүү түрдө эч кандай даттануулар берилбегендиктен, бул көйгөй бир да жолу толук каралган да, желимделген оромдор эч качан ачылып көрүлгөн да жок.

---

61 А.Келдибеков Т.Асанбековго, К.Байболовго, Т.Бакир уулуна, А.Калматовго, А.Мадумаровго, Ө.Субаналиевге жана К.Ташыевге жолуккан.

Шайлоо күнү өлкөдө прокурор тарабынан бир эле даттануу алынды. Шайлоо күнүнөн тартып БШК Башкы Прокурорго андан ары тергөө жана мүмкүн болсо жаза колдонуу үчүн үч ишти өткөрүп берген. Үч иште тең протоколдордогу сандардын айырмачылыгы маселеси жөнүндө айтылган.

Жыйынтыктар расмий түрдө жарыялангандан кийин үч даттануу райондук сотко келип түштү, бири – шайлоочудан, экөө – жергиликтүү байкоочулардан. Жергиликтүү байкоочулар тарабынан берилип, протоколдордогу айырмачылыктарга байланыштуу эки арыз формулировкасындагы жетишпестиктерден улам жаратылбай, айырмачылыктар фактылары сот тарабынан каралган жок.

## XVI. СУНУШТАМАЛАР

Шайлоолорду толугу менен ЕККУ милдеттенмелерине жана демократиялык шайлоолордун башка стандарттарына ылайык өткөрүү аракеттерин мындан ары да колдоо иретинде Кыргыз Республикасынын бийликтеринин, саясий партиялардын жана жарандык коомдун талкуусуна төмөнкүдөй сунуштамалар берилет. Бул сунуштамалар ЕККУ/ДИАУБдун али да аткарылышы керек болгон мурунку сунуштамалары менен байланышта окулганы ылаазым. ЕККУ/ДИАУБ Кыргыз Республикасынын бийликтерине шайлоо жараянын мындан ары өркүндөтүүдө, ушул жана буга чейинки отчеттордо камтылган сунуштамаларды аткарууда жардам берүүгө даяр.

### А. Артыкчылыктуу Сунуштамалар

1. Келечекте бюллетендер салынуучу урналарга бюллетень кошуу жана шайлоо жыйынтыктарын бурмалоо сыяктуу орчундуу бузуулардын алдын алуу үчүн аларды жазасыз калтыруу салты жоюлушу керек. Ошондуктан бийликтер бардык жарыялоолорго олуттуу мамиле жасап, аларды толук изилдөөгө жана шайлоо мыйзамын бузууга катышкандыгы далилденгендерди жоопко тартууга тийиш.
2. БШК шайлоо мыйзамын чек коюу маанайында чечмелөө аркылуу аны жүзөгө ашыруу жараянына кошумча административдик бөгөттөрдү койбошу керек. Андан көрө ал тараптан мыйзамдын жоболоруна түшүндүрмө берилиши аталган жараяндын жүрүшүнө жардам бермек.
3. БШК шайлоочуларды каттоо бирдиктүү системи боюнча толук нускамаларды иштеп чыгышы керек. Алар шайлоочулар тизмелерин жаңылоо түшүнүгүн, анын ичинде бардык деңгээлдердеги башкаруу менен жоопкерчиликтерди сыпатташы керек. Шайлоочулар тизмелерин жаңылоонун жана сактоонун бардык кадамдарын көрсөткөн айкын жана убакытка байланган жол-жоболор иштелип чыгышы керек.
4. БШК, ушул шайлоонун алдында качан жана канча шайлоочу жаңылыш түрдө шайлоочулар тизмелеринен чыгарылып салынганын аныктап табуу үчүн, шайлоочулар тизмелеринин эң акыркы жаңыланышы кандайча жасалгандыгын текшерип, түшүнүшү керек. Ошондой эле ал жаңылыш алынып ташталган шайлоочуларды тизмелерге кайрадан кошуу мүмкүнчүлүктөрүн табышы керек.
5. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү үчүн жүргүзүлгөн машыктырууларды мындан ары өркүндөтүү абзел. БШК эмки шайлоолорго күн мурунтан бардык деңгээлдердеги шайлоону башкаруу ишин багыттап туруу үчүн нускамалары бар ыңгайлуу,

колдонууга оңой жана темалар боюнча түзүлгөн колдонмону ("АШК жана УШК колдонмосу / кадам артынан кадам көрсөтмөлөрү") иштеп чыгышы керек. Анда добуштарды саноо, протокол толтуруу жана маалыматтарды таблицага түшүрүү жол-жоболоруна өзгөчө көңүл бурулушу зарыл.

6. Талапкерлерди каттоо аяктаган учурдан тартып өнөктүк башталганга чейинки мезгилде сот тарабынан даттануулардын каралышына шарт түзүү үчүн учурдагы шайлоо мыйзамында белгиленген өтө эле кыска мөөнөттөр оңдолушу керек.
7. Талапкерлерге шайлоодон баш тартууга берилген мөөнөттү БШК бюллетендердин таризи боюнча чечим чыгарган учур менен чектөө жөнүндө ойлонуу керек.
8. Шайлоодогу атаандаштар туурасында жаңылыктарда жана учурдагы окуяларды чагылдырган берүүлөрдө калыстык менен баяндалышын, ошондой эле өнөктүк окуяларынын көз карандысыз өңүттөн берилишин камсыз кылуу үчүн шайлоо мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү ылаазым. Көзөмөлдөөчү орган тарабынан мындай шартты кантип иш жүзүнө ашырса болору жөнүндө көрсөтмөнүн берилиши пайдалуу болмок.
9. Арыздар жана даттануулар менен иштөөнү бардык деңгээлдердеги шайлоо комиссияларында формалдаштыруу керек. Бул үчүн даттангандар колдонуучу стандарттуу тариз иштелип чыгышы керек. Даттануулар менен иштөөнүн эсебин жүргүзүүнүн жалпыга көрүнөө механизмин жана, жалпысынан, шайлоо комиссияларынын кызматкерлери менен коомчулукка дат каттарын кайда, кантип тапшыруу керектиги жана даттанууларды соттон кароо жараяны тууралуу билим берүү программасын ойлонуштуруу зарыл.
10. ЕККУ милдеттенмелерин мындан ары да аткаруу үчүн талапкерлердин укуктарына коюлган чектөөлөрдү алып таштоону ойлонгон абзел: эң жогорку жаш-курак чегин алып таштоо, талап кылынган 15 жыл өлкөдө жашоо мөөнөтүн кыскартуу жана жазык айыбына тартылгандарга чектөөлөрдү кетирген кылмыштын оордугуна карап коюу.
11. ЕККУ милдеттенмелерине ылайык, шайлоо мыйзамы эч чек коюусуз шайлоо жараянына баштан-аяк байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга жана байкоочулардын укуктары БШК чечимдери же административдик бөгөттөр менен чектелбөөгө тийиш. Айрыкча БШКнын эл аралык байкоочуларды шайлоо күнүнө 30 күн калган учурдан тартып гана аккредиттөө жөнүндөгү чечими жокко чыгарылып, эл аралык байкоочулар арыз берери менен аккредиттелиши керек.

## B. Башка сунуштамалар

### Мыйзамдык негиз

12. Чет өлкөлүк же жарандыгы жок адамдардын өнөктүк өткөрүүсүнө жана чет өлкөлүк маалымат каражаттары аркылуу өнөктүк жүргүзүүгө коюлган чектөөлөрдү жоюу аркылуу өз пикирин билдирүү эркиндигин сактоо зарыл.

### Шайлоону башкаруу

13. БШК ички жумушчу отурумдарын жабык эшик артында өткөрүүнү токтотуп, өз ишинин ачыктыгын жогорулатышы шарт. Отурумдардын бардыгы коомчулукка ачык болуп, протоколдор БШКнын вебсайтына жарыялануусу тийиш.
14. БШК (мыйзамда көрсөтүлгөндөй) байкоочуларга бюллетендердин басылышын жана АШКларга жеткирилишин байкоого уруксат бериши керек.

15. Шайлоо катышуучулары шайлоо жараянын түшүнүп, анын туура жүргүзүлгөнүнөн шек санабашын камсыз кылуу үчүн, БШК шайлоочуларга билим берүүнү жакшыртууну, күчөтүүнү жана ар түрдүү кылууну ойлонгону абзел.
16. Шайлоону жүргүзгөн кызматкерлерге, анын ичинде УШК мүчөлөрүнө, жетиштүү кызмат акы төлөөнү ойлонуштуруу ылаазым.
17. Парламент БШКга көрсөтмөлөрдү берүү аркылуу шайлоо жараянына кийлигишпегени оң; мындай аракеттер шайлоо администрациясынын көз карандысыздыгынан күмөн санатат.

**Шайлоочуларды каттоо**

18. БШК кызматкерлери жалаң гана шайлоочуларды каттоо иш-чаралары менен алек болгон өзүнчө бөлүмдү түзүшү керек.
19. Шайлоо мыйзамы шайлоочулар тизмелеринин такай жаңыланып турушун камсыз кылууга тийиш. БШК УШК төрагалары менен катчылары аркылуу жана АШК системдик администраторлору менен АШКлардагы БШК өкүлдөрүнүн колдоосу менен шайлоочулардын катталышын такай жаңылап туруу тажрыйбасын сунуштоону ойлонуштурушу керек. Бул жыл ичинде белгиленген жерлерден шайлоочулардын маалыматтарын текшерип турууга шарт түзмөк. Жарандарга байланыштуу маалыматтар менен иштеген башка уюмдарга да шайлоочулардын жаңыланган маалыматтарын берүү талабы коюлушу керек.
20. Шайлоочуларга бардык арыздар каралып чыккан-чыкпаганын жана тизмелерде маалыматтар толук чагылдырылган-чагылдырылбаганын текшерүүгө мүмкүндүк берүү үчүн шайлоо мыйзамына шайлоочулар тизмелеринин шайлоо күнүнөн бир топ убакыт мурун бүткөрүлүшүнө жана бүткөрүлгөндөрүнүн жарыя кылынышына шарт түзгөн өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. Шайлоочулар өз арыздарын тапшырышканда, аларга арыздар качан тапшырылганы жана УШК/АШК тарабынан каралганы көрсөтүлгөн дүмүрчөк берилгени абзел.
21. Шайлоочуларга өздөрүнүн катталуу маалыматтарын текшерүүгө кошумча мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууну ойлонуштуруу керек (т.а., жеке аныктоо номери - ID номери менен, анын ичинде интернет, SMS же телефон аркылуу).
22. Кыймылдуу текшерүү топторун колдонууну улантууга байланыштуу чечим чыгарылса, аларды текшерүүгө шайлоо күнүнөн көбүрөөк убакыт мурун жиберүүнү ойлонуштуруу ылаазым. Шайлоочулардын саны көбүрөөк болгон УШКларга көбүрөөк ресурс каралышы керек, айрыкча мигрант шайлоочулар көп болгондоруна.
23. УШКлар үчүн шайлоочулардын алдын ала түзүлгөн тизмесинин экинчи көчүрмөсүн басып чыгаруу тажрыйбасы кайрадан колдонууга киргизилиши керек. Бул бардык УШКларда коомчулуктун кароосуна койгудай көчүрмө болорун кепилдеп, жалпы ачыктыкты арттырат.

**Талапкерлерди каттоо**

24. Талапкерди каттоо үчүн кол тамгаларды да, шайлоо күрөөсүн да талап кылуу артыкбаш болуп эсептелет; бул катышууга татыктуу талапкерлердин катталуусуна жолтоо болушу мүмкүн. Катталуу талаптары же кол топтоо, же шайлоо күрөөсүнө акча коюу аркылуу аткарылышы керек. Шайлоо күрөөсүнүн суммасы, бир жагынан, жалган талапкерлерди айнытарлык болушу керек болсо, экинчи жагынан, шайлануу укугунан ажыратып салууга алып келбеш үчүн кылдаттык менен аныкталууга тийиш.

25. Кол тамгалардын жарактуулугун текшерүү канааттандырарлык деңгээлде жарактуу кол тамгалар бар экендигине же текшерилүүгө тийиш болгон башка кол тамгалар жок болгондугуна ынанган учурга чейин гана жүргүзүлүүгө тийиш.

**Өнөктүк каржылары**

26. Өнөктүккө байланыштуу каржылардын ачыктыгын жогорулатуу коомдогу пикир алышууну жакшыртмак. Талапкерлердин каржылык отчетторунда кандай маалыматтар камтылышы керектиги боюнча атайын ченемдер болушу үчүн шайлоо мыйзамына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. Талапкерлердин киреше-чыгашалары жөнүндөгү кеңири маалымат коомчулукка жеткиликтүү болгону ылаазым.

**Массалык маалымдоо каражаттары**

27. Өнөктүктүн белгиленген эрежелерге ылайык чагылдырылышын кепилдеген көз карандысыз жөнгө салуу органын түзүүнү ойлонуштуруу абзел. Мындай органга такай массалык маалымат каражаттарынын мониторингин жүргүзүп турууга укук берилиши керек.
28. Бекер обо убактысын берүү жана орун бөлүштүрүү меселеси толугу менен маалымдоо каражатынын эркинде болууга тийиш. Буга шайлоо администрациясы да, башка бийликтер да кийлигишпеши керек.
29. Бардык маалымат каражаттарынан өз кесиптик иш-аракеттерин жүргүзүү үчүн катталуу же лицензия алуу ансыз деле талап кылынгандыктан, шайлоо өнөктүгүн чагылдыруу үчүн алардын атайын аккредиттөөдөн өтүү зарылчылыгын кайрадан карап чыгуу шарт.

**Шайлоо күнү**

30. УШКлар шайлоо мыйзамында көрсөтүлүп, шайлоо күнү жүргүзүлө турган жол-жоболорду так аткарып, шайлоо жыйынтыктарын чагылдырган протоколдорду коомчулуктун кароосуна алып чыгууга тийиш.

**Даттануулар**

31. Прокуратура негизги көңүлүн шайлоо мыйзамынын кылмыштуу жол менен бузулушуна буруп, мыйзам берген бийлигинен пайдаланып, тергөө жүргүзүүлөрдү демилгелеши керек.
32. Отчеттуулукту жогорулатуу үчүн, кызыктар тараптар үчүн кошумча машыктыруу иш-чараларын өткөрүп, ошону менен алардын шайлоо мыйзамынын байкалган бузулуштары тууралуу даттанууларды тийиштүү таризде жолдоо дареметин өрчүтсө болот.
33. Ачыктыкты арттыруу жана арыздар менен даттанууларды кароо системине болгон ишенимди жаратуу максатында коомдук угуулар боюнча мыйзамдык ченемдер толук колдонулууга тийиш.

**Улуттук азчылыктар**

34. Улуттук азчылыктардын шайлоо администрациясындагы жетиштүү сандагы өкүлчүлүгүн камсыз кылуу зарыл, өзгөчө аз улуттар жыш жашаган аймактарда.

35. Шайлоочулар маалыматтарын жана шайлоо материалдарын азчылыктардын тилдеринде чыгарып таратууну ойлонуштурган оң, айрыкча ошол азчылыктар жашаган аймактарда. Бул бардык жамааттардын шайлоо жараянын жакшыраак түшүнүүсүнө алып келмек.

**Шайлоого байкоо жүргүзүү**

36. Эл аралык байкоочулардын аккредиттелүүсүн жөнөкөйлөтүп, кайсы уюм бул үчүн жооптуу болгонун айкын кылуу керек. Аккредиттөөнүн ченөлчөмдөрү жана жол-жоболору айкын жана ачык кылынууга тийиш.

# I ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН АКЫРКЫ РАСМИЙ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ[62]

| 1. Президенттикке талапкерлердин аты-жөнү | | # | % |
|---|---|---|---|
| | 1. Курманбек Осмонов | 2,452 | 0,13 |
| | 2. Камчыбек Ташыев | 266,189 | 14,32 |
| | 3. Анарбек Калматов | 13,609 | 0,73 |
| | 4. Кубанычбек Исабеков | 3,239 | 0,17 |
| | 5. Турсунбай Бакир уулу | 15,195 | 0,82 |
| | 6. Төрөбай Колубаев | 1,941 | 0,1 |
| | 7. Кубатбек Байболов | 15,427 | 0,83 |
| | 8. Марат Иманкулов | 5,578 | 0,3 |
| | 9. Алмазбек Атамбаев | 1,161,929 | 62,52 |
| | 10. Арстанбек Абдулдаев | 8,770 | 0,47 |
| | 11. Сооронбай Дыйканов | 1,339 | 0,07 |
| | 12. Өмүрбек Субаналиев | 16,143 | 0,87 |
| | 13. Адахан Мадумаров | 274,639 | 14,78 |
| | 14. Акбаралы Айтикеев | 2,081 | 0,11 |
| | 15. Темирбек Асанбеков | 17,232 | 0,93 |
| | 16. Алмазбек Каримов | 1,305 | 0,07 |
| | "Баарына каршы " | 13,419 | 0,72 |
| 2. Шайлоо участкасындагы тизмедеги шайлоочулардын саны | | 3,032,666 | |
| 3. УШКга берилген бюллетендердин саны | | 3,036,449 | |
| 4. Бюллетень алган шайлоочулардын кол тамгаларынын саны | | 1,858,632 | |
| 5. Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны | | 1,858,632 | |
| 6. Мөөнөтүнөн мурда добуш бергендердин саны | | 525 | |
| 7. Шайлоо участкасынан сырткары добуш берген шайлоочулардын саны | | 63,632 | |
| 8. Жоюлган бюллетендердин саны | | 1,177,817 | |
| 9. Жарамдуу бюллетендердин саны | | 1,820,487 | |
| 10. Жараксыз бюллетендердин саны | | 38,145 | |

*Маалымат БШКнын вебсайтынан 2011-жылдын 14-ноябрында алынган*

[62] 14-ноябрда жарыяланган ушул акыркы жыйынтыктар БШКнын сайтында кийинчерээк берилген жаңыланган маалыматтардан айырмаланат. Ошол жаңыланган маалымат боюнча, А.Атамбаев добуштардын 63,24 пайызын алып, “баарына каршы” добуштар 0,51 пайыз болгон.

## II ТИРКЕМЕ: ШАЙЛООНУН УШК ПРОТОКОЛДОРУНДА КАМТЫЛГАН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ЖАНА БШК ШАЙЛООДОН КИЙИН ЖАРЫЯЛАГАН МААЛЫМАТТАРДЫ САЛЫШТЫРУУ.

ЕККУ/ДИАУБ ШБМ байкоочулар топтору өздөрү добуш саноо мезгилинде болгон 140ка жакын шайлоо участкаларынан жыйынтыктар протоколдорунун расмий көчүрмөлөрүн алышкан. Ошолордун ичинен тогуз протоколдо көрсөтүлгөн жыйынтыктар кийин БШК вебсайтына жарыяланган тастыкталган жыйынтыктардан кыйла айырмаланып турат. Тогуз шайлоо участкасынын ар бири үчүн жыйынтыктарды салыштыруу төмөнкүдөй болгон:

**1115 шайлоо участкасы, Октябрь АШК (Бишкек):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 54 | 897 | 1 | 12 | 1 | 10 | 1 | 51 | 6 | 22 | 0 | 8 | 27 | 4 | 20 | 2 | 31 | 1156 |
| **БШК маалыматы** | 54 | 1629 | 1 | 12 | 1 | 10 | 1 | 51 | 6 | 22 | 0 | 8 | 27 | 4 | 20 | 2 | 31 | 1888 |

**1129 шайлоо участкасы, Октябрь АШК (Бишкек):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 40 | 693 | 0 | 11 | 0 | 2 | 1 | 24 | 1 | 18 | 2 | 3 | 13 | 0 | 17 | 0 | 15 | 858 |
| **БШК маалыматы** | 40 | 1432 | 0 | 11 | 0 | 2 | 1 | 24 | 1 | 28 | 2 | 3 | 13 | 0 | 17 | 0 | 15 | 1607 |

**1140 шайлоо участкасы, Октябрь АШК (Бишкек):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 2 | 896 | --- | 1 | --- | --- | --- | 1 | --- | 1 | --- | --- | --- | --- | 4 | --- | 1 | --- |
| **БШК маалыматы** | 2 | 1057 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 1 | 0 | 1 | 0 | 0 | 4 | 0 | 1 | 1070 |

**1147 шайлоо участкасы, Октябрь АШК (Бишкек):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 44 | 817 | 0 | 4 | 0 | 0 | 1 | 43 | 0 | 8 | 0 | 2 | 22 | 0 | 47 | 2 | 7 | --- |
| **БШК маалыматы** | 44 | 1032 | 0 | 4 | 0 | 0 | 1 | 43 | 0 | 8 | 0 | 2 | 22 | 0 | 47 | 2 | 277 | 2121 |

**7215 шайлоо участкасы, Сокулук АШК (Чүй):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 111 | 803 | 0 | 64 | 0 | 5 | 0 | 96 | 1 | 54 | 1 | 0 | 53 | 0 | 4 | 1 | 6 | 1206 |
| **БШК маалыматы** | 47 | 1297 | 3 | 31 | 4 | 0 | 6 | 31 | 5 | 7 | 4 | 6 | 13 | 4 | 5 | 2 | 10 | 1483 |

**7222 шайлоо участкасы, Сокулук АШК (Чүй):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 145 | 1123 | 0 | 10 | 2 | 3 | 8 | 33 | 1 | 5 | 1 | 0 | 12 | 0 | 4 | 1 | 9 | 1365 |
| **БШК маалыматы** | 25 | 1478 | 0 | 37 | 2 | 1 | 3 | 32 | 11 | 5 | 6 | 12 | 10 | 1 | 11 | 0 | 8 | 1648 |

**7231 шайлоо участкасы, Сокулук АШК (Чүй):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 63 | 1098 | --- | 3 | 3 | 2 | 2 | 71 | 2 | 1 | --- | 13 | 17 | 1 | 21 | 2 | 7 | 1308 |
| **БШК маалыматы** | 84 | 1996 | 12 | 69 | 1 | 4 | 17 | 85 | 17 | 9 | 6 | 8 | 25 | 2 | 4 | 4 | 9 | 2374 |

**7241 шайлоо участкасы, Сокулук АШК (Чүй):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 77 | 1158 | 0 | 1 | 1 | 4 | 1 | 22 | 0 | 10 | 0 | 1 | 10 | 0 | 9 | 0 | 7 | 1301 |
| **БШК маалыматы** | 35 | 1710 | 2 | 85 | 0 | 0 | 8 | 41 | 11 | 8 | 16 | 14 | 68 | 0 | 20 | 0 | 19 | 2048 |

**7366 шайлоо участкасы, Кара-Балта АШК (Чүй):**

| | Адахан Мадумаров | Алмазбек Атамбаев | Алмазбек Каримов | Анарбек Калматов | Акбаралы Айтикеев | Арстанбек Абдулдаев | Турсунбай Бакир уулу | Камчыбек Ташыев | Кубанычбек Исабеков | Кубатбек Байболов | Курманбек Осмонов | Марат Иманкулов | Өмүрбек Субаналиев | Сооронбай Дыйканов | Темирбек Асанбеков | Төрөбай Колубаев | "Баарына каршы" | Шайлоочулардын келиши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **УШК протоколу** | 16 | 637 | 1 | 3 | 0 | 0 | 0 | 3 | 1 | 7 | 1 | 3 | 3 | 2 | 4 | 0 | 11 | 699 |
| **БШК маалыматы** | 16 | 1086 | 1 | 3 | 0 | 0 | 0 | 3 | 3 | 7 | 1 | 3 | 3 | 2 | 4 | 0 | 11 | 1148 |

## ЕККУ/ДИАУБ ЖӨНҮНДӨ

Демократиялык Институттар жана Адам Укуктары Бюросу (ЕККУ/ДИАУБ) – ЕККУнун ага катышкан мамлекеттерге “адам укуктары менен негизги эркиндиктердин толук сакталышын камсыз кылуу, мыйзам талаптарын аткаруу, демократия принциптерин жайылтуу жана (...) демократия институттарын түзүү, күчөтүү жана коргоо, ошондой эле бүтүндөй өлкөдө сабырдулук менен түтүмдүүлүккө өбөлгө түзүү” (Хелсинки Документи, 1992) жагынан кол кабыш кылуучу негизги уюму. Булар ЕККУнун адамдык чендери деп эсептелет.

Варшава шаарында (Польша) жайгашкан ЕККУ/ДИАУБ Эркин Шайлоолор Бюросу катары 1990-жылы Париж Саммитинде түптөлүп, 1991-жылдын март айында өз ишин жүргүзө баштаган. Бир жылдан кийин, кеңейтилген мандатты чагылдырып, адам укуктары менен демократташтырууну камтуу үчүн, Бюронун аты өзгөрүлгөн. Бүгүн анын штатында 130 кызматкер иштейт.

ЕККУ/ДИАУБ – Европадагы **шайлоолорду байкоо** жаатындагы алдынкы агенттик. Жыл сайын ал ЕККУ аймагында орун алган шайлоолор ЕККУнун милдеттенмелерине, демократиялык шайлоолор үчүн коюлган эл аралык башка стандарттарга жана улуттук мыйзамдарга канчалык ылайык өткөрүлүп жаткандыгын баалоо үчүн миңдеген байкоочуларды жиберүүнү координациялайт жана уюштурат. Анын уникалдуу усулдары шайлоо жараяны туурасында баштан-аяк терең түшүнүк алууну камсыз кылат. Көмөктөшүү долбоорлору аркылуу ЕККУ/ДИАУБ катышуучу мамлекеттерге өздөрүндөгү шайлоо негиздерин өркүндөтүүгө жардам берет.

Бюронун **демократташтыруу** иш-аракеттеринин катарына төмөнкүлөр кирет: мыйзам бийлиги, мыйзамдык колдоо, демократиялык башкаруу, жер которуу (миграция) жана жерден жерге жылуу эркиндиги жана гендердик теңчилик. ЕККУ/ДИАУБ, демократиялык түзүмдөрдү өнүктүрүүнү көздөп, жыл сайын көптөгөн максаттуу көмөктөшүү программаларын жүзөгө ашырат.

Ошондой эле ЕККУ/ДИАУБ катышуучу мамлекеттерге өздөрүнүн ЕККУнун адамдык чендер боюнча милдеттенмелерине шайкеш **адамдык укуктарды жана негизги эркиндиктерди** жайылтуу жана коргоо милдеттерин аткарууга жардамдашат. Бул кызматташууну өрчүтүү, даремет-мүмкүнчүлүктөрдү өстүрүү жана тематикалык чөйрөлөрдө, анын ичинде террозимге каршы күрөшүүдөгү адам укуктары, траффикке учураган адамдардын укуктарын коргоону жакшыртуу, адам укуктары жагынан билим берүү жана даярдоо, адам укуктарын мониторингге алуу жана алар туурасында кабарлоо, аялдардын адамдык укуктары жана коопсуздугу чөйрөлөрүндө эксперттик билим менен камсыз кылуу үчүн ар түрдүү өнөктөштөр менен иштөө аркылуу орундалат.

**Түтүмдүүлүк** жана **басмырлабоо** жаатында ЕККУ/ДИАУБ катышуучу мамлекеттерге жек көрүүдөн келип чыккан кылмыштар менен расачылдык, ксенофобия, антисемитизм учурлары менен түтүмсүздүктүн башка формаларына жооп кайтаруу мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү жагынан колдоо көрсөтөт. ЕККУ/ДИАУБдун түтүмдүүлүк менен басмырлабоого байланыштуу иш-аракеттеринде төмөнкүдөй чөйрөлөргө негизги көңүл бурулат: мыйзамдуулук; укук коргоо боюнча машыктыруу; жек көрүүчүлүк кылмыштары менен учурларын мониторингге алуу, алар жөнүндө кабарлоо жана аларга жооп кайтарууну улантуу; түтүмдүүлүктү, урматтоону жана өз ара түшүнүүнү жайылтуу үчүн билим берүү.

ЕККУ/ДИАУБ катышуучу мамлекеттерди алардагы **Рома жана Синти (цыгандар)** боюнча саясатына байланыштуу кеңештер менен камсыз кылат. Бул Рома жана Синти жамааттарында даремет өстүрүүнү жана байланыш түзүүнү өрчүтүп, Рома жана Синти өкүлдөрүнүн саясат иштеп чыгуу уюмдарынын ишине катышуусуна өбөлгө түзөт.

ДИАУБ иш-чараларынын баары ЕККУга катышкан мамлекеттер, ЕККУ институттары жана жер-жерлердеги иш-аракеттери, ошондой эле башка эл аралык уюмдар менен тыгыз кызматташууда жүргүзүлөт.

Кененирээк маалыматтарды ДИАУБ сайтынан тапса болот (www.osce.org/odihr).